КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ

ФИЛОСОФИЯ ЖАНА УКУК ИНСТИТУТУ

Д 09.01.158 ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШ

УДК10(09)(575.2)(043.3)

Кол жазма укугунда

*Акматов Омурзак Сарытайович*

# *МОЛЛО НИЯЗДЫН ГУМАНИСТТИК ФИЛОСОФИЯСЫ*

Адистиги 09.00.03 - философиянын тарыхы

Философия илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн жазылган диссертациянын

а ф о р е ф е р а т ы

БИШКЕК-2001

Диссертация Ош мамлекеттик университетинин философиянын тарыхы кафедрасында аткарылган.

**Илимий жетекчи -** философия илимдеринин доктору, профессор Ж. Ж. ЖАНЫБЕКОВ

**Расмий оппоненттер:** философия илимдеринин доктору С. М. МУКАСОВ, философия илимдеринин кандидаты, доцент А. А. БЕКБОЕВ

**Жетектөөчү мекеме –** Жалал-Абад мамлекеттик университетинин философия жана гуманитардык илимдер кафедрасы

Диссертацияны коргоо 2002 -жылдын. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .

. . . . . . . . . күнү саат. . . . . . . . Кыргыз Республикасынын УИАсынын Философия жана укук институтунун алдындагы (тең уюштуруучулар – КМУУ жана Ош МУ) философия илимдери боюнча докторлук (кандидаттык) диссертацияларды коргоочу Д 09. 01.158 Диссертациялык кеңештин жыйынында өтөт.

Дареги: 720071 Бишкек ш., Чүй пр., 265 а.

Диссертация менен КР УИАсынын Борбордук илимий китепканасында таанышса болот. (720071 Бишкек шаары Чүй пр., 265 а).

Автореферат 2001 – жылдын . . . . . . . . . . . . . . жөнөтүлдү.

Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы, философия илимдеринин кандидаты, доцент Н.А.Омуралиев



# ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Теманын актуалдуулугу**. Бүгүнкү күндөгү кыргыз коомунун эң актуалдуу маселеси – улуттук аң-сезимдин өнүгүүсүнүн жана рухий жаңылануусунун - социопрогресстик зарылдык катары келип чыгуусунда. Өлкөбүздүн эркиндик алуусу менен идеологиялык жаңыча түптөлүү процессинде өткөн баалуу мурастарга илимий негизде жаңыча көз караш менен иликтөө жүргүзүү учурдун башкы талабы болуп саналат.

«Өткөндөрдөн адамдар өздөрүнүн рухий потенциалынын, коомдук керт аң сезиминин генетикалык ачкычын издешет. Алардан улуу баалуулуктардын жана пайдалуулуктардын идеалын калпып алышат»,[1] – деген Кыргыз Республикасынын президенти Аскар Акаевдин сөзү улуттун социомаданий өнүгүшүнө үндөшүп турат. Улутубуздун тарыхый жашоо тажрыйбасынын квинтэссенциясы, топтолгон элдик бай мурастары - биз үчүн көөнөргүс рухий дөөлөт. Андай дөөлөттөр тутуму көбүнчө ойчулдук, көрөгөчтүк, чечендик жана сынчылдык ишмердүүлүктөр аркылуу философиялык көз караштардын синкретин калыптап келген. Айтылуу Асан Кайгы, Кет Бука, Токтогул ырчы, Толубай сынчы, Санчы сынчы, Ырамандын ырчы уулу, Үмөт уулу Жайсаң сыяктуу орто кылымдардагы легендарлуу ойчулдарыбыз байыркы элдик рухий асылдыктарды өздөрүнө топтоо менен, өз мезгилинин маданий феноменин түзө алышкан.

Айрыкча XIX кылымдагы Калыгул Бай уулу, Арстанбек Буйлаш уулу, Молдо Кылыч Шамыркан уулу, Жеңижок Өтө Көкө уулу сыяктуу ойчул акындар, маданий агартуучулар өздөрүнүн коомдук-чыгармачыл ишмердүүлүктөрү аркылуу элдик рухий казынабызга көрөнгөлүү салым кошушкандыктары талашсыз. Алардын катарында Молло Нияз (тарыхый энчилүү аты ушундайча аталган) Эрназар уулунун чыгармачылык мурастары өзгөчө маанилүү орунду ээлейт. Өлкөбүздүн эгемендүүлүгүнүн шартында бул ойчул акындын чыгармачылыгында чагылдырылган философиялык, этикалык жана эстетикалык көз караштарын, көтөрүп чыккан маданий-агартуучулук проблемаларын, гуманисттик идеяларын илимий негизде иликтөө, реалдуу баалоо - учурдун талабы. Анткени Молло Нияз прогрессивдүү ойчул катары коомдук өнүгүүгө обьективдүү баа берип, жакшылык менен жамандыкты, позитивдүүлүк менен негативдүүлүктү, сонундук менен кунарсыздыкты айкын ажыратып, коомдун келечегин таасын аңдай билген. Өз мезгилинин алдыңкы агартуучусу болгондуктан, Молло Нияз элди сабаттуулукка, билимдүүлүккө, сергек сезимталдыкка үндөгөн.

[1] Акаев А. А. Кыргызстан: на пути становления независимости. //Избранные выступления и речи Президента Кыргызской Республики Аскара Акаева. /Сост. К.К.Иманалиев. - Б., 1995. -С.77.

**Акындын** чыгармачылыгына кайрылуунун өзгөчө актуалдуулугу – анын идеяларынын моралдык-этикалык таасирдүүлүгүндө, эстетикалык көз караштарынын баалуулугунда, санат-насыят ырларынын адамзатты маданий өнүгүүгө багыттагандыгында. «Дүйнөнүн тагдыры акыры келип рухий дүйнө маселелерине көз каранды…»[1] болгон соң, азыркы мезгилдеги дүйнөлүк өнүгүүдөгү «массалык маданияттын» негативдүү жана коомдук терс көрүнүш катары таанылган шартында акындын поэтикалык мурастарынын мааниси чоң. Демек, дүйнөлүк глобалдуу проблемаларды чечүүнүн жолу – «адамдагы адамдык» асыл сапаттарды кайра калыптоодон турарында шек жок. Андыктан гумандуулук принцибинин чордонун түзгөн адамдык асыл сапаттарды калыптоо процессинде Молло Нияздын санаттарынын гуманисттик идеяларынын түгөнгүс орду бар. Ойчулдун гуманизми калктын рух дүйнөсүнөн түнөк алып, адамды сүйүүгө, ардактоого, адамгерчилик менен адептүүлүктү барктоого, сулуулук менен кооздукту, асылдык менен сонундукту туя билүүгө, табиятты ыйык тутууга жана сактоого, жаштарды ыймандуулукка тарбиялап, улуттар аралык тилектештик жана кызматташтык идеяларын даназалап келет. Андыктан бул улуу инсандын чыгармачылык мурасына астейдил сарасеп салып, аны социофилософиялык жана социомаданий багытта талдоо азыркы кыргыз коомунун транзиттик абалынын актуалдуу маселелеринен болуп саналат.

**Теманын изилденүү деңгээли.** Кыргыз элинин илимге чейинки философиялык, этикалык жана эстетикалык көз караштарын, гуманисттик идеяларын изилдөө маселеси XX кылымдын экинчи жарымынан тартып колго алына баштаган. Окумуштуулар А.Алтмышбаев, А.Давлеткельдиев жана М. Жунусовдор кыргыз философиясын изилдөөнүн баштоочулары катары өздөрүнүн алгачкы илимий макаласында[2] кыргыз элинин коомдук турмушундагы рухий-философиялык проблемаларын изилдөөнүн зарылчылыгы тууралуу маселе көтөрүшкөн.

А.Алтмышбаев «Очерк истории развития общественно-политической и философской мысли в дореволюционной Киргизии» аттуу монографиясында революцияга чейинки кыргыздардын коомдук-саясий, философиялык ойлоосунун өнүгүү динамикасын, анын негизги этаптарын жана тенденцияларын изилдейт.

Б. Аманалиевдин «Социально-политические и философские идеи Токтогула и Тоголока Молдо», «Из истории философской мысли киргизского народа», «Из истории религии и свободомыслия в Киргизии»

[1] Шаповалов В. Ф. Основы философии. От классики к современности. - М., 1998. -С.559.
[2] Аталган авторлордун чыгармалары диссертацияда колдонулган адабияттардын тизмесинде көрсөтүлгөн.



аттуу эмгектеринде кыргыз элинин байыркы учурдан тартып XX кылымдын башына чейинки коомдук-философиялык ойлоо эволюциясына изилдөө жүргүзүлөт. Легендарлуу ойчулдар Асан Кайгы, Толубай сынчы, Санчы сынчы, заманчы - акындар Калыгул Бай уулу, Арстанбек Буйлаш уулу, Молдо Кылыч Шамыркан уулу, демократ - акындар Токтогул Сатылганов, Тоголок Молдо, Барпы Алыкуловдордун философиялык идеяларына өзгөчө басым жасоо менен, алардын дүйнөгө болгон көз карашындагы өзгөчөлүктөрүн айкын көрсөтөт. Айрыкча Калыгул, Арстанбек, Молдо Кылыч сыяктуу акындардын философиялык көз караштарын иликтөөдө Б.Аманалиев коммунисттик саясий трафареттин (реакциячыл-мистик, динчил деген күнөөлөөлөрдүн) чегинен сырткары чыгып, алардын чыгармаларындагы философиялык ой – пикирлерге обьективдүү баа бере алган.

Кийинки кездерде кыргыздардын коомдук-саясий жана философиялык ойлоо тарыхын изилдөөдө методологиялык проблемаларды чечүүнүн жаңыча ыкмалары ишке аша баштады. Андай багытты философиялык ойлоонун коммуникациялык байланышы, мурастаануучулук идеялар жана алардын кайра жаралышы, философиялык изилдөөлөрдүн жалпы гуманитардык проблемалар менен комплекстешкен жагдайлары түзүүдө. Бул багытта белгилүү окумуштуулар М.К.Абдылдаев, Ш.Б.Акмолдоева, Т.А.Аскаров, Ш.Б.Базарбаев, А.Ж.Байбосунов, А.А.Бекбоев, Ж.Ж.Жаныбеков, А.Ч.Какеев, А.К.Карыпкулов, О.К.Козубаев, С.М.Мукасов, А.И.Нарынбаев, А.А.Салиев ж.б. изилдөө иштерин жүргүзүшкөн.

Тилекке каршы, түздөн-түз Молло Нияздын чыгармачылыгына арналган илимий адабияттар азырынча сейрек кездешет. Молло Нияздын эң алгачкы изилдөөчү окумуштуу катары түркологлингвист, академик Б.Юнусалиевди эсептөөгө болот. Окумуштуу акындын табылган эки кол китеби боюнча «Отражение диалектных особенностей в санатах Молдо Нияза» аттуу макаласын жазып, анда негизинен лингвистикалык изилдөө жүргүзөт. Ошону менен бирге бул кол китептердин тарыхый - философиялык көп кырдуу маанилүүлүгүн белгилеп, изилдөөчүлөрдүн көңүлүн бурат.

О. Соороновдун түзүүсү жана редакциялоосу астында жарык көргөн «Молло Нияз. Санат дигарасттар» аттуу эмгек жалпы окурмандардын жана изилдөөчүлөрдүн кызыгуусун арттырып, акындын чыгармачылыгына комплекстүү изилдөөлөрдү жүргүзүүгө кеңири мүмкүнчүлүктөрдү жаратты.

А.Эркебаев, М.Борбугулов, К.Бобулов, Э.Эрматов, А.Стамовдордун калеминен Молло Нияздын чыгармаларына жана коомдук ишмердүүлүгүнө арналган публицистикалык макалалар жарык көрдү.

Акындын чыгармаларынын таалим-тарбиялык, адеп-ахлактык маңызын ачууда М. Колдошевдин «Молдо Нияз таалими (адеп-ахлак, ыйман сабагы)» аттуу эмгегинин дагы салымы бар.

Философиялык багытта Р. Эргешбаеванын «Философский анализ мировоззрения Молло Нияза» аттуу кандидаттык диссертациясын белгилөөгө болот. Бул эмгек Молло Нияздын чыгармачылыгына карата алгачкы диссертациялык изилдөө болгондугу менен айырмалана алат.

Ага карабастан аталган эмгектер ойчулдун бүткүл рухий чыгармачылык феноменин толук камтый албайт. Акындын жалпы чыгармачылыгындагы дүйнөгө көз карашын, философиялык, этико-эстетикалык жана агартуучулук гуманизмин, б. а. гуманисттик философемаларын концептуалдуу илимий негизде талдоо боюнча эмгектердин жоктугу алдыдагы диссертациялык теманы тандоого негиз берип отурат.

**Изилдөөнүн максаты.** Молло Нияздын коомдук-философиялык ой-жүгүртүүлөрүнө, маданий агартуучулук идеяларына, эстетикалык көз караштарына жана этикалык интерпретацияларына илимий концептуалдуу талдоо жасоо менен, андагы прогрессивдүү көз караштарды жана гуманисттик идеяларды өздөштүрүү, көркөм мурастарындагы маданий баалуулуктарды аныктоо диссертациялык изилдөөнүн башкы максаты болуп саналат.

Аталган максатка ылайык диссертациялык изилдөөгө төмөнкү милдеттер коюлду:

-Молло Нияздын чыгармаларындагы өзөк идеялардын жана проблемалардын пайда болуусун шарттаган кыргыз коомунун XIX кылымдагы социомаданий өнүгүүсүн, геосаясий жана социотарыхый негизги өбөлгөлөрүн аныктоо;

-акындын көз карашынын калыптанышында жалпы гуманисттик иерархиянын жана анын ажыралгыс бир бөлүгүн түзгөн кыргыз гуманисттик ойлоо өзгөчөлүгүнүн таасирин көрсөтүү;

-Молло Нияздын маданий-агартуучулук ишмердүүлүгүн башка агартуучу - ойчулдардын көз караштары, идеялары менен салыштырып, элди билим алууга үндөөчү ойлорунун аксиологиялык, праксиологиялык маңызын жана прогрессивдүү багыттарын белгилөө;

-ойчулдун дүйнөгө көз карашын, коомдук – саясий ойлоосун философиялык рефлексияда иликтөө, андагы гуманисттик баалуу идеяларга, реалдуу көз караштарга эпистемологиялык талдоо жүргүзүү;

-акындын адеп-ахлак таалимдеринин этикалык түшүнүктөр мерчеминде реалдуу чагылдырылышын жана андагы тарбиялык баалуу мурастарды тастыктоо;



-эстетикалык тарбия жаатындагы Молло Нияздын көркөм таанымынын баалуу жагдайларын, эстетика түшүнүмдөрүнүн жана андагы образдуу шарттуулуктардын айкалышкан тутумун чечмелөө.

**Изилдөө обьектиси жана предмети.** Молло Нияздын поэтикалык мурастары изилдөөнүн обьектиси болуп саналат. Ал эми изилдөө предмети болуп – Молло Нияздын дүйнөгө көз карашынын генезиси жана эволюциясы, анын маданий-агартуучулук ишмердүүлүгү, коомдук-саясий ойлоосу, этикалык түшүнүмдөрү, адеп-ахлак таалимдери, эстетикалык көз караштары жана андагы көркөм шарттуулуктар, жалпы гуманисттик идеяларындагы баалуулуктар эсептелинет.

**Диссертациянын теориялык-методологиялык негизи** катары дүйнөлүк философиянын классиктеринин, ошондой эле кыргыз философторунун философиянын тарыхына (айрыкча кыргыз философиясынын тарыхына) арналган эмгектери, этикалык, эстетикалык жана агартуучулук багыттагы изилдөөлөр кызмат өтөдү.

Жалпы илимий-методикалык, тарыхыйлуулук (конкретүү жана салыштырмалуу), диалектикалык, аналитикалык, логико-системалык, анализдик жана синтездик методдор, эпистемологиялык, аксиологиялык, коммуникативдик, семиотикалык жана социодетерминанттык принциптер жобо катары эске алынды.

**Диссертациянын базалык булактары** болуп Молло Нияздын өздүк кол жазмалары: «Биринчи кол китеп»,[1] «Экинчи кол китеп»[2], «Үчүнчү кол китеп»,[3] «Кат»[4] (шарттуу түрдө ушундай аталат), фольклорчулар Т.Батыркулов, С.Закиров, П.Ирисов, Ж.Мусаевалар тарабынан жыйналып алынган материалдар,[5] «Молло Нияз. Санат дигарасттар»[6] аттуу китеп, «Кыргыз поэзиясынын антологиясы»[7], Кыргыз Республикасынын архивдик фондунун материалдары жана документтери, ошондой эле республикабыздын философторунун аталган проблемаларга арналган эмгектери саналат.

**Диссертациядагы негизги илимий жаңылык.** Молло Нияздын философиялык ой жүгүртүүсүнө, моралдык таалимдерине, этикалык интерпретацияларына, эстетикалык көз караштарына жана агартуучулук ой толгоолоруна комплекстүү талдоо жүргүзүү менен, акындын гуманисттик философемаларын айкындоого аракеттер жасалды. Ошондой эле иштин жаңылыктарына төмөнкүлөр кирет:

---

[1] КР УИА сынын кол жазмалар фонду. Инв. №429.
[2] КР УИА сынын кол жазмалар фонду. Инв. №553.
[3] КР УИА сынын кол жазмалар фонду. Инв. №147а.
[4] КР УИА сынын кол жазмалар фонду. Инв. №644.
[5] КР УИА сынын кол жазмалар фонду. Инв. №644.
[6] Молло Нияз санат дигарасттар. /Түз. Сооронов О.-Б.,1993.
[7] Кыргыз поэзиясынын анталогиясы. 1-китеп. /Түз. Жусупов К.-Б.,1999.

-кыргыз коомунун XIX кылымдагы социомаданий, экономикалык өнүгүүсү, геосаясий абалы тарыхый-философиялык, гуманитардык аспектиде талдоого алынды;

-Молло Нияздын дүйнөгө көз карашына, чыгармачылык идеяларына таасир берүүчү гуманисттик ойлоонун иерархиялык маңызы социодетерминанттык принципте чечмеленди;

-ойчулдун дүйнө таанымынын түпкү негиздери, өзгөчө коомдук саясий көз караштары философиялык проекцияда иликтенди;

-Молло Нияз менен айрым Чыгыш ойчулдарынын идеялык үндөштүктөрүнүн жалпы себептери айкындалды;

-инсанды калыптандыруудагы илим-билим интеллекти менен адеп-ахлактын бирдиктүү каралышы Молло Нияздын агартуучулук идеяларынын позитивдүү жагдайы экендиги белгиленди;

-ойчулдун жалпы гуманисттик идеяларынын өзөгү (архитектоникасы) катары анын адеп-ахлак таалимдери, этикалык интерпретациялары аксиологиялык рефлексияда талдоого алынды. Жакшылык менен жамандык, адептүүлүк менен адепсиздик, адилеттүүлүк менен адилетсиздик, сылыктык менен одонолук, баатырдык менен коркооктук, марттык (айкөлдүк) менен пастык сыяктуу этикалык карама-каршы кош категориялар тастыкталды;

- ойчулдун социожаратылыштык гармонияны кабылдоосу, кооздук менен сулуулукту баалоодогу эстетикалык табити, көркөм туюусу, идеалы, образ түзүүдөгү шарттуулуктары талдоого алынып, адам сулуулугу, анын обройунун сүрөттөлүшү менен адептик сапаттарынын диалектикалык биримдиги катары калокагатиялык түшүнүктөрүнүн, этико-эстетикалык гуманизминин баалуулуктары аныкталды;

-акындын чыгармачылыгындагы гуманисттик көз караштардын жана принциптердин азыркы кездеги улуттук идеологияны жана рухий дөөлөттөрдү кайра жаратууда көөнөргүс мааниге ээ экендиги белгиленди.

**Коргоого сунушталган негизги жоболор**. Диссертациялык изилдөөнүн максатына ылайык төмөндөгүдөй жоболор менен идеялар коргоого сунуш кылынат:

-Молло Нияз жашаган доор - уруулук-патриархалдык салттуу түзүлүштөн жаңы коомдук - Россия империясынын колониялык саясатынын таасиринде калыптанган мамилелер системасына - өткөөл мезгилге туш келген. Ал процесс социоэкономикалык укладдардын, геосаясий өбөлгөлөрдүн көп кырдуулугу, антагонисттик (диний, этникалык) идеялардын өкүм сүрүшү жана этномаданий кризистин курчушу менен өзгөчөлөнөт. Ойчулдун көз карашы жана дүйнө таанымдык негизги принциптери белгиленген социомаданий процесстин натыйжасы катары келип чыгат;



-акындын философиялык ойлоосунун, гуманисттик принциптеги эстетикалык, этикалык көз караштарынын, агартуучулук ой толгоолорунун генезисинде кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгы, эмпирикалык билимдери менен түшүнүктөрү, өз заманындагы рухий мурастар жана Чыгыш ойчулдарынын идеялары зор таасир берген;

- Молло Нияз өз чыгармачылыгында, коомдук ишмердүүлүгүндө дайыма элдик биримдикти, ынтымактыкты, улуттук толеранттыкты, тынчтыкты жана салттуу коомду жактаган. Анын прогрессивдүү көз караштары, гуманисттик идеялары улуттук аң сезимдин ойгонушу менен калыптанышына түрткү бере алган;

-Молло Нияздын чыгармачылыгынын лейтмотиви - анын адептик ыйман, тарбияга, этикалык бийиктикке багытталгандыгында. Акын үчүн адеп - социомаданий прогресстин өзөгү. Анын этикалык түшүнүктөрү, идеялары жана чакырыктары адептик мамилелердин жалпы адамзаттык баалуулуктарына төп келип, келечек муундарды тарбиялоодо аксиологиялык кызмат өтөй алат;

- ойчулдун табиятты таануусу, эстетикалык табити, кооздук менен сулуулукту баалоосу, андагы көркөм шарттуулуктар жогорку баалуулуктар тутумун калыптап турат. Молло Нияз үчүн табият кооздугу менен адам сулуулугу бири-бирине шайкеш келип, сонундукту, асылдыкты - азыркы синергетикалык түшүнүктө – гармониялуу коэволюциялык өнүгүүнү - түзө алат. Адам сулуулугунун өзү формалык көрүнүш менен маңыздык кубулуштун синтезинен, б. а. көркөмдүктүн, адептиктин, рухийлүүлүктүн биримдигинен жаралат. Мындай көз караш инсандын гармониялуу жетилүүсүнө, этикалык жана экоэстетикалык түшүнүктөрүнүн калыптанышына багыт берет;

-Молло Нияздын философемаларын, агартуучулук ишмердүүлүгүн, моралдык таалимдерин, этикалык түшүнүктөрүн, эстетикалык көз карашын социомаданий жана гуманисттик контекстте изилдөө иши глобалдуу проблемаларды чечүүдөгү өтө актуалдуу болуп саналган – « адамдагы адамдыкты» калыптоо маселесине идеялык көмөк бере алат.

**Диссертациянын теориялык-практикалык мааниси.** Молло Нияздын чыгармачылыгындагы гуманисттик идеяларын тарыхый-философиялык, аксиологиялык рефлексия деңгээлинде илимий-концептуалдуу изилдөө – диссертациянын теориялык маңызын түзөт. Акындын гуманисттик философемалары өлкөбүздүн коомдук-саясий, философиялык, идеологиялык өнүгүүсүндө маанилүү роль ойнойт.

Диссертациялык иштин теориялык-методологиялык натыйжаларын философиянын тарыхы, маданият таануу, этика, эстетика, билим берүүнүн философиясы жана тарыхы предметтери боюнча жалпы жана атайын курстарда, семинардык сабактарда, мектептерде - адабият, ыйман

сабактарында жана тарбиялык иштерде колдонууга болот.

**Диссертациянын практикалык натыйжаларын** келечек муундарга гуманисттик багыттагы ыймандуулук, эстетикалык, экологиялык жана саясий тарбия берүүдө кеңири пайдаланууга болот. Акындын санаттарындагы прогрессивдүү ой - пикирлер, адептүүлүк, боорукердик, адилеттик, чынчылдык сыяктуу ыймандык сапаттар, биримдик, ынтымак, тилектештик, мекенди сүйүү, адам абройун көтөрүү, улууларды урматтоо, ата-бабалардын баалуу салттарын мурастоо сыяктуу идеялар, табиятты сүйүү, кооздукту, сулуулукту, сонундукту баалоочу экоэстетикалык көз караштар, ошондой эле сулуулук менен адептикти айкалыштырган калокагатиялык түшүнүктөр түбөлүк асылдык катары жаштарды тарбиялоо ишинде ар тараптуу пайдалануу мүмкүнчүлүгүнө ээ.

**Диссертациянын мазмунунун апробацияланышы.** Диссертациянын негизги мазмуну автор тарабынан төмөнкү илимий конференцияларда жана семинарларда апробацияланды: Борбордук Азия республикаларындагы ЖОЖдун окутуучулары үчүн уюштурулган Сорос-Казакстан фондунун Жайкы Университетинин семинарларында, илимий конференциясында (Алматы, 1998); «Улуттук идеология жана кыргыз рухий дөөлөтүнүн кайра жаралышы» аттуу регионалдык илимий-теориялык конференцияда (Ош МУ - 1999); «Мамлекеттик тил жана аны башталгыч класстарда окутуунун маселелери» аттуу Республикалык илимий – практикалык конференцияда (ОшМУ – 1999); Оштун 3000 жана ОшМУнун 50 жылдыгына арналган «Түрк элдеринин дүйнө цивилизациясында алган орду жана ролу» аттуу эл аралык илимий конференцияда (Ош, 1999); «Личность и воспитание: роль образовательных технологии в современной школе» аттуу эл аралык илимий-практикалык конференцияда (ОшМУ – 2001); ОшМУнун 50 жылдык жана Женижоктун 140 жылдык маарекесине арналган «Кыргыз философиясынын актуалдуу проблемалары» аттуу илимий-теориялык коференцияда (ОшМУ – 2001);

Мындан сырткары жарык көргөн материалдарда, мезгилдүү басма сөздө, жогорку окуу жайларда окулган лекцияларда, семинардык сабактарда, атайын курстарда апробацияланып келди.

Диссертация Ош МУнун философиянын тарыхы кафедрасында, КР УИАсынын Философия жана укук институтунун философиянын тарыхы бөлүмүнүн кеңейтилген жыйынында талкууланып, коргоого сунушталды. Диссертациянын негизги жоболору жана жыйынтыктары боюнча сегиз макала, бир окуу куралы жана бир монография жарыяланды.

**Диссертациянын структурасы.** Диссертация киришүүдөн, эки баптан, корутунду бөлүктөн жана пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат.



## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ.

**Киришүүдө** теманын актуалдуулугу, изилденүү деңгээли, изилдөөнүн максаты жана милдеттери, коргоого сунушталган негизги жоболор, эмгектин илимий жаңылыгы, изилдөө методдору, диссертациянын теориялык жана практикалык мааниси, апробацияланышы жана структурасы көрсөтүлөт.

**Биринчи бап** "Молло Нияздын көз карашынын генезиси жана эволюциясы" - деп аталып, ал үч параграфтан турат.

**Биринчи параграф** "Кыргыз коомунун XIX кылымдагы социомаданий өнүгүүсү"- деп аталып, Молло Нияздын дүйнөгө көз карашынын, чыгармачылык идеяларынын генезиси иликтенет.

Молло Нияз жашап өткөн тарыхый мезгил - патриархалдык салттуу түзүлүштөн (жарым феодалдык) Россия империясынын колониялык саясатынын таасиринде калыптанган жаңы коомдук мамилелер системасына өткөөл учурга туш келген. Ал процесс социоэкономикалык укладдардын көп түрдүүлүгү, геосаясий татаал жана кооптуу кырдаалдардын, ага жараша антагонисттик идеялардын (диний, этникалык) өкүм сүрүшү, жалпы этномаданий (социопсихологиялык, нравалык, гуманисттик) кризистин курчушу менен мүнөздөлөт. Белгиленген тарыхый доордо коомдук турмуштагы таптык, этникалык басынтуучулук, адилетсиз мамилелерге каршы карапайым кыргыз калкынын түпкү жашоо кызыкчылыктарын, ой мудөөлөрүн, укуктарын, эркиндигин коргоочу жана аларга багыт берүүчү саясий - идеологиялык аракеттер басымдуу деңгээлде элдик чыгармачылык аркылуу ишке ашып турган. Андай багыттын өкүлдөрү - ойчул акындар, ырчылар, манасчылар, социалдык адилеттүүлүк, гумандуулук жана патриоттук маанайдагы көркөм чыгармаларды жаратышып, элдик биримдикти жана толеранттуулукту калыптоого, инсандын атуулдук жана улуттук сезимдерин ойготууга, коомдук терс сапаттарды ашкерелөөгө багыт алышкан. Айрыкча "замана" идеялык багыты кыргыз коомунун XIX кылымдагы рухий зарылчылыгынан келип чыгып, коомдук-саясий, экономикалык урунттуу окуялардын күбөсү болуу менен Молло Нияздын жана анын замандаштарынын (Калыгул, Арстанбек, Нурмолдо, Молдо Кылыч, Жеңижок) чыгармачылык идеяларынын калыптанышына өбөлгө түзгөн.

**Экинчи параграф**. "Гуманисттик идеялардын иерархиясы жана маңызы" деп аталып ойчулдун дүйнөгө көз карашынын, чыгармачылык идеяларынын калыптанышына таасир берүүчү булактар катары дүйнөлүк

гуманизмдин, анын ичинде кыргыз гуманисттик ойлоосунун жана бүткүл рухий дөөлөттөрдүн иерархиялык таасирлери көрсөтүлгөн.

Гуманизм идеялары рухий иерархиянын ажыралгыс бөлүгү катары байыркы мезгилдерден тартып адамзаттын бүткүл эволюциясынын актуалдуу маселелеринен болуп саналат. Ал коомдук аң-сезимдин бардык формаларында кулач жаюу менен, социомаданий аксиологияны түзүп, коммуникациаланып келген. Өзгөчө философиялык окуулардын өзөгү катары - гуманизм Конфуций (Кун -Фу-цзы), Лаоцзы (Ли Эр), Сократ, Антисфен, Аристипп, Платон, Аристотель, Цицерон ж.б. байыркы (антикалык) ойчулдар тарабынан өркүндөтүлгөн.

Гуманистик окуулар орто кылымдарда теоборбордук үстөмдүктүн алдында соолгундоолорго дуушар болуп, фаталисттик дүйнөгө көз караш орун алуу менен, инсандын жашоодогу пассивдүү аракети, тагдырга моюн сунуучулук үгүт өкүм сүргөн. Ага карабастан, кайсыл гана диний окуу болбосун, адам баалуулуктары нравоэтикалык багытта өркүндөтүлүп турган. Тагдырга кайдыгер кароодон алыс болушуп адам зоболосун бийик тутушкан Аль-Фараби, Ибн Сина, Ибн Рущд, Абу Райхан Беруни ж.б.у.с. орто кылымдык гуманисттер аристотелдик акыл-эс концепциясын улантуу менен, аны турмуштук айкалыштырууга аракеттенишкен. Алардын катарында адам акыл-эсинин, адебинин бийиктигин көркөм-дидактикалык багытта чагылдырышкан Жусуп Баласагындын, Махмуд Кашгаринин, Саади Шираазинин, Ахмад Яссавинин, өзгөчө сүйүү гуманизмин даңазалаган Абылкасым Фирдоусинин, Жаминин, Захиреддин Бабурдун орду бар.

Гуманизм эволюциясы түрдүү элдерде көп кырдуу өнүгүүгө ээ болгон. Мына ошол көп түрдүүлүктүн тутумунда кыргыз элинин да өздүк баалуу салымы бар. Кыргыз гуманизминин түпкүрү дүйнөгө көз караштын архаикалык формаларын (мифологиялык, диний), эмпирикалык билимдерин өзүнө камтуу менен, элдик рухтун феномени болуп эсептелген фольклордо кеңири кулач жайган. Анда адам бытиеси башкы тема болуу менен, инсанды сүйүү, ардактоо, жеке адам жана коом, социожаратылыштык мамилелер идеялык пафоско айланган. Өзгөчө фольклордук булактардан өнүп чыккан акындык поэзия гуманисттик идеялардын квинтэссенциясын түзүп келген. Андай гуманизм (адам – адептик өркүндөлгөн асылдык катары бааланган) орто кылымдардагы Үмөт уулу Жайсаң, Кет Бука, Токтогул ырчы, Толубай сынчы, Асан Кайгы, Санчы сынчы, XIX кылымдагы Калыгул Бай уулу, Арстанбек Буйлаш уулу, Молло Нияз Эрназар уулу ж. б. ысымдары менен белгилүү.

Жалпылап айтканда, Молло Нияздын дүйнөгө көз карашынын, чыгармачылык идеяларынын жана эпистемасынын социалдык детерминанты катары дүйнөлүк гуманисттик идеялардын, анын ичинде кыргыз гуманисттик ойлоосунун жана бүткүл рухий дөөлөттөрдүн иерархиясы (өзгөчө этико-эстетикалык гуманизм) зор таасир эткен.



**Үчүнчү параграф** "Молло Нияздын коомдук-саясий жана философиялык ой жүгүртүүсү" деп аталып, негизинен ойчулдун дүйнө таанымынын көп кырдуулугу, өзгөчө коомдук-саясий ойлоосу, социопозитивдүү жана социопрогрессивдүү идеялары иликтенет.

Ойчулдун чыгармачылык кредосунун чыгыш элдеринин рухий дүйнөсү менен тектештигин иликтеп, диссертант, андагы аалам жашоосу (макро жана микродүйнө), социожаратылыштык жана социалдык феномен, адам жана коом, адамдык жашоо маңыз, өмүр менен өлүм, бактылуу жана кайдыгер жашоо, ыракаттуу жана кечил өмүр сүрүү, табийгыйлуулук менен маданийлик сыяктуу түшүнүктөрдүн жана идеялардын орун алгандыгын белгилейт.

Молло Нияздын көп кырдуу чыгармачылыгында табиятты таануу, аны сүйө билүү, баалоо жана ага аяр мамиле жасоо идеялары орун алып, анда акындын геоэмпирикалык билим деңгээли, өздүк апперцепциясы негизги мааниге ээ болгон.

Молло Нияздын дүйнөгө көз карашында социалдык - саясий маселелер негизги орунда турат. Коом жеке инсандардан түптөлөөрү, ал жеке инсандардын коомдогу активдүү жана пассивдүү, позитивдүү жана негативдүү аракетинин натыйжасында социомаданий динамиканын өзгөрүүсү, кайрадан социомаданий абалдын жеке адамдын социалдык абалына, турмуштук тагдырына таасир этиши коомдук мамилелердин ички себептери катары акынды түйшөлтпөй кое алган эмес. Айрыкча кыргыз жергесиндеги социалдык уруттуу окуялар Молло Нияздын чыгармачылыгындагы негизги темага айланган. XIX кылымдын экинчи жарымында кыргыз этносистемасында бөлүнүп – жарылуулар, бытырандылыктар, нравалык негативдүү кубулуштар (адеп-ахлак, ыйман) өкүм сүрүп, өзгөчө түштүк аймакта басмачылыктын пайда болуусуна тарыхый өбөлгөлөр түзүлгөн. Акын мындай кырдаалдын пайда болуусун Россия империясынын колониялык саясатынын кесепеттеринен көрүп, ал процессти социомаданий кризис катары кабылдаган. Ойчулдун чыгармачылык идеяларында уруулук бөлүнүп-жарылуу жамандыктын тамыры катары эсептелинет. Анын социопозитивдүү идеяларынын феноменин коомдук биримдик, тилектештик, элдик патриоттуулук, улуттук ойгонуу, ар-намыс (улуттук сезимдерди башталыш стадия деңгээлинде кароо туура болот) сыяктуу рухий баалуу сапаттар түзө алган. Андай сезимдерди калыптоодо акын этномаданий баалуу салттарды мурастоого, чыгыштык бир кылка маданий өнүгүүнү үлгү тутууга, нравоэтикалык баалуулуктарга таянууга чакырган.

**Экинчи бап** "Молло Нияздын көз карашындагы гуманисттик идеялар" деп аталып, ойчулдун маданий-агартуучулук ой толголору, моралдык таалимдери, этикалык интерпретациялары, эстетикалык көз карашы жана андагы көркөм шарттуулуктар талдоого алынуу менен, алардын гуманисттик баалуулуктары айкындалган.

**Биринчи параграф**: "Молло Нияздын чыгармачылыгынын агартуучулук маңызы" деп аталып, акындын «агартууга» болгон түшүнүгүнүн көп кырдуу табияты талдоого алынат. Дүйнөлүк ойчулдардын агартууга карата көз караштарынын контекстинде чыгыштык менталдуулукка ылайык Молло Нияздын маданий-агартуучулук позициясы, эпистемасы, баалуу идеялары жана анын социомаданий ролу аныкталат.

Агартуу иши коомдук өнүгүүнүн түрдүү баскычтарында маданий динамиканын кыймылдаткыч күчү катары актуалдуулуктарга айланып отурган. Мына ошол агартуунун көп кырдуу өнүгүү канонунда кыргыз маданий эволюциясы өзүнө сабаттуулукту, билимди, маалыматтуулукту, тарбия процессин камтый алган. Кыргыз ойчулдарынын өкүлү Молло Нияз өз мезгилинин билимдүү, маалыматтуу жана даанышман инсаны болуу менен, замандаш ойчулдарынан айырмаланып, жазма өнөргө ээ болгон. Анын агартуучулук көз карашынын архитектоникасында сабаттуулук, билимдүүлүк, сергектик, сезимталдык, дилгирлик жана ыймандык сапаттардын синтези орун алган. Европалык агартуучулардай теориялык концепция түзбөгөнү менен, көркөм поэтика аркылуу жүзөгө ашырылган Молло Нияздын мындай позициясы ары ар тараптуу, ары реалдуу көз карашты бекемдейт. Анын позитивдүүлүгү азыркы мезгилдеги гармониялуу өнүккөн инсанды калыптоо процессинде, этнофилософиянын жана этнопедагогиканын жолго коюлушунда маанилүү болуп саналат.

Ойчулдун дүйнөгө көз карашынын генезисинде теологиялык таасирлердин болгондугуна карабастан, жалпы адамзаттык максаттуулукка ылайык коомду өнүктүрүүчү гуманисттик баалуулуктар жатат. Андай баалуулуктарды төмөнкүлөр түзөт:

-коомдук аң - сезимди өстүрүү максатында адамдардын массалык сабатсыздыгын жоюу, билимге жана чыгармачылыкка багыттоо;

-кыргыз этноменталдык өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен, маданий иерархиялык баалуу мурастарды сактап калуу жана өнүктүрүү;

-кыргыз коомунун маданий биримдигин чыңдоо максатында уруулук–патриархалдык саркынды сезимдерди жоюу, улуттук прогрессивдүү көз караштарды калыптоо;

-социодинамикалык максатта этномурастардын өзөк-уңгусунда авангарддык мааниге ээ болгон элитардык маданиятты түптөө ж.б.у.с. баалуулуктар.



**Экинчи параграф** «Ойчулдун чыгармачылыгындагы этикалык түшүнүмдөр» деп аталып, акындын адеп-ахлак таалимдери, этикалык интерпретациялары жана андагы баалуу идеялар көрсөтүлөт.

Молло Нияздын жалпы чыгармачылык өзөгүн негизинен адептүүлүккө, ыймандулукка үндөөчү санаттык чыгармачыл стиль түзүп турат. Анын санаттарынан этикалык түшүнүмдөрдүн бардык тармактарын камтыган, айрыкча жакшылык жана жамандык категориялары, адамдык бардык позитивдүү жана негативдүү жагдайлар, моралдык принциптердин жашоо кызыкчылыктары, максаттары менен төп келиши сыяктуу айкын идеялардын топтомун табууга болот. Акындын этикалык таалимдериндеги "жакшылык" түшүнүгү "изгилик" катары бааланып, өз ичине сылыктык менен кичи пейилдик, ак көңүлдүк менен боорукердик, сарамжалдуулук менен камкордук, кең пейилдик менен марттык сыяктуу баалуу сапаттарды камтуу менен, одонолук менен корстук, түркөйлүк менен пасттык, сарамжалсыздык менен арамзалык, коркооктук менен ыпластык сыяктуу жамандык категорияларынын каршысында интерпретацияланат.

Акындын изденүүчүлүк аракети дидактикалык поэзиянын негизги принцибине ылайык адам бытиесине багытталган. Мындай аракеттин орто кылымдык теоборбордук көз караш менен чектелгендигине карабастан, адам проблемасы эң маанилүү орунду түзө алган. Адам түшүнүгү, анын маңызы "асылдык" жана "ыйыктык" катары бааланып, гумандуулуктун жогорку даражасына айланган. Анын чордонунда адам зоболосун бийик тутуу, адеп-ахлак, жүрүм-турум эрежелери, ыймандуулук жана улууларды урматтоо идеялары негизги орунда турат.

**Үчүнчү параграф** "Акындын чыгармачылыгындагы эстетикалык көз караш жана көркөм шарттуулуктар" деп аталат. Анда ойчулдун эстетикалык көз карашы, коздук менен сулуулукту баалоодогу көркөм табити, таанусу жана туюусу, идеалы жана андагы образдуу шарттуулуктары иликтенет. Адам сулуулугу, анын обройунун сүрөттөлүшү менен адептик сапаттарынын диалектикасы катары Молло Нияздын калокагатиялык түшүнүктөрү жана этико-эстетикалык гуманизминин баалуулуктары айкындалат.

Молло Нияздын эстетикалык табитинин, кабылдоосунун жана көз карашынын биримдиги көркөм ой жүгүртүүгө, андан көркөм поэзияга айланып турат. Ааламдын ар бир бөлүкчөсү, кубулушу, процесси акын үчүн кымбат жана асыл болуп, ал эми кымбаттуулуктун, асылдыктын көрүнүшү конкреттүү мейкиндик, мезгил же убакыт менен шарттталып тургандыгын байкоого болот. Мына ошол шарттуулук мыйзамындагы ырааттуулуктун, ыргактуулуктун же ireттүүлүктүн айкалышын эстетикалык кабылдоо жана аны көркөм чагылдыруу Молло Нияздын эстетикалык чыгармачыл ишмердүүлүгүн даанакерлей алат.

**Молло** Нияздын эстетикалык көз карашында адам сулуулугу менен жаратылыш коздугунун ортосунда эквиваленттүүлүк жатат. Ал тургай жаратылыш көрүнүштөрү, кубулуштары ааламдын эң бир сонундугу катары бааланат. Табият кооздугу, анын кубулуштарынын образдуу кабыл алынышы акын - үчүн шарттуу көрүнүш. Мына ошондуктан адам сулуулугун көркөм сүрөттөөдө акын үчүн жаратылыш кооздугу эстетикалык үлгү болуп саналат. Бул учурда эч кандай антроборбордук, социоборбордук жана теоборбордук таасирлер үстөмдүк кыла албайт. Кооздук менен сулуулуктун айкалышы, жаратылыш менен адамдын ортосундагы образдуулук өтүүчүлүгү, табигыйлуулук (эстетическое) түшүнүмдүн ченинде салыштырылып сүрүттөлөт. Акындын эстетикалык көз карашындагы сулуулук түшүнүгү асылдык даражага ээ болуу менен ал жогорку социалдык баалуулук катары каралат.

Молло Нияз дайыма эстетикалык баалуулуктарга жогору маани берип, өзгөчө жеке адамдын аспектисине топтолгон сулуулук, жарашыктуулук, келишимдүүлүк, сонундук сыяктуу изги сапаттардын тутумун асылдыктын кубулушу катары көркөм чагылдырууга аракеттенген. Мындай аракет ойчулдун жалпы чыгармачылык - идеялык тоналдуулугунун ажыралгыс бөлүгүн түзүп келген. Анын эстетикалык гуманизминдеги адам жөнүндөгү идеял - акыл-эске ээ болгон, сергек, сезимтал, эрктүү, эмгекти сүйгөн, чыгармачыл, сулуу жана бакубат - гармониялуу өнүккөн инсан эсептелинет. Андай идеал адамзаттын маданий эволюциясында дайыма актуалдуу боло бермекчи.

**Корутунду бөлүгүндө** диссертациялык изилдөөнүн негизги натыйжалары жана жалпы жыйынтыктары көрсөтүлөт. Алар:

1.Акындын чыгармачылык идеяларынын калыптануу өбөлгөлөрү XIX кылымдагы кыргыз коомунун социомаданий абалы, андагы ири тарыхый өзгөрүүлөр, геосаясий татаал кырдаалдар, экономикалык укладдардын көп түрдүүлүгү, антагонисттик идеялардын (диний, этникалык) өкүм сүрүшү жана этномаданий кризистин курчушу сыяктуу факторлор менен шартталган.

2.Ойчулдун дүйнөгө көз карашынын, чыгармачылык идеяларынын жана эпистемасынын генезисттик факторлору катары жалпы гуманисттик идеялардын, анын ичинде кыргыз гуманисттик ойлоосунун, бүткүл рухий дөөлөттөрдүн иерархиялык таасирлерин эсептөөгө болот. Алар: элдик оозэки чыгармачылык, элдик эмпирикалык билимдер, Чыгыш ренессансы, андагы поэтикалык жазма мурастар, коомдук-философиялык жана диний көз караштар.

3.Акындын чыгармачылыгы чыгыш поэзиясынын унгусунда жаралып, анын маңызында аалам диалектикасы, табият кубулуштары, социожаратылыштык экосистема, социосаясий мамилелер, адамдык жашоо маңыз, өмүр менен өлүм, эвдемонизм жана квиетизм, гедонизм жана аскетизм, жакшылык менен жамандык, табигыйлуулук менен маданийлик сыяктуу философиялык түшүнүктөр камтылган.



4.Ойчулдун коомдук-саясий көз карашында уруулук жек жаатка, жикке бөлүнүү коомдук негативдүүлүк катары бааланат. Ал эми социалдык позитивдүүлүктүн феноменинде коомдук биримдик, ынтымактык, тилектештик, элдик патриоттуулук, улуттук ойгонуу жана ар-намыс сыяктуу баалуулуктар орун алган. Андай сезимдерди калыптоодо акын этномаданий баалуу салттарды мурастоого, чыгыштык бир кылка маданий өнүгүүнүн жетишкендиктерин (нравоэтикалык, экоэстетикалык жагдайда) үлгү тутунууга чакырык салган.

5.Молло Нияздын дүйнөтаанымынын генезисинде теоборбордук таасирлердин болгондугуна карабастан, жалпы адамзаттык максаттуулуктарга ылайык коомду прогресске үндөөчү (агартуучу) гуманисттик баалуулуктар жатат.

6.Ойчулдун чыгармачылык өзөгүн адептүүлүккө ыймандуулукка үндөөчү санаттык стиль түзүп, анда этикалык түшүнүмдөрдүн түрдүү жагдайларын камтыган жакшылык жана жамандык категориялары, адамдык бардык позитивдүү жана негативдүү сапаттар, моралдык принциптердин жашоо кызыкчылыктары, максаттары менен төп келиши сыяктуу айкын идеялар камтылган. Акындын этикалык таалимдериндеги "жакшылык" түшүнүгү "изгилик" катары бааланып, өз ичине сылыктык менен кичи пейилдик, ак көңүлдүк менен боорукердик, сарамжалдуулук менен камкордук, кең пейилдик менен марттык сыяктуу баалуу сапаттарды камтыйт. Ал эми "жамандык" категориясы одонолук менен корстук, түркөйлүк менен пасттык, сарамжалсыздык менен арамзалык, коркоктук менен ыпластык сыяктуу негативдүүлүктөр аркылуу интерпретацияланат.

7.Дидактикалык поэзиянын негизги принцибине ылайык акындын изденүүчүлүк аракети адам маселесине багытталган. Адам түшүнүгү, анын маңызы "асылдык" жана "ыйыктык" (гумандуулук) катары бааланып, анын чордонун инсандык зоболону бийик тутуу, адеп-ахлак, ыймандуулук, жүрүм-турум эрежелери түзгөн.

8.Молло Нияздын гуманисттик идеяларында эстетикалык табиттин, кабылдоонун жана көз караштын биримдигин түзгөн көркөм ой жүгүртүү көп кырдуу чыгармачыл ишмердүүлүктү айгинелеп турат. Анын көркөм ойлоосунда адам сулуулугу менен жаратылыш кооздугу эквиваленттүү келип, ал тургай жаратылыш көрүнүштөрү, кубулуштары, ааламдагы бардык сонундуктардын жетишкендиги жана көркөм шарты катары кабылданат. Мына ошондуктан адам сулуулугун көркөм сүрөттөөдө акын үчүн жаратылыш кооздугу эстетикалык үлгү болуп саналат.

9.Молло Нияздын эстетикалык гуманизминдеги адам жөнүндөгү идеял - акыл эске ээ болгон, сергек - сезимтал, эрктүү эмгекти сүйгөн, чыгармачыл, сулуу, бакубат - гармониялуу өнүккөн инсан эсептелинет. Ал дайыма эстетикалык баалуулуктарга жогору маани берип өзгөчө жеке адамдын аспектисине топтолгон сулуулук, жарашыктуулук, келишимдүүлүк жана сонундук сыяктуу изги сапаттарды асылдык катары көркөм чагылдырууга аракеттенген. Мындай аракет ойчулдун чыгармачылыгындагы гуманисттик тоналдуулуктун ажыралгыс бөлүгүн түзүп келген.

10.Мына ошнтип, Молло Нияздын гуманисттик философиясы өз доорундагы рухий дөөлөттөрдүн **квинтэссенциясы** болуу менен, өзүнө коомдук-прогрессивдүү мүнөздү камтый алат. Анын гуманизми **алга умтулуучулук** менен гана чектелбестен, **правалык бийиктике көтөрүлүү** даражасын калыптоого багытталган жана андай көтөрүлүү чыныгы **"адамдагы адамдыктын"** маңызын түзүп турат. Акындын **гуманисттик-философемалары** адамзаттын социомаданий өнүгүүсүндө дайыма актуалдуу болуп кала берет.

## ДИССЕРТАЦИЯ БОЮНЧА ЖАРЫК КӨРГӨН ЭМГЕКТЕР:

1.Молдо Ныяздын чыгармаларындагы этика, эстетика проблемалары жана улуттук идеология // Улуттук идеология жана кыргыз рухий дөөлөтүнүн кайра жаралышы. /Окуу куралы 1 - бөлүм. Б., 1998. 2 б. т.

2.Молло Нияз – ойчул жана маданий агартуучу. // Улуттук идеология жана кыргыз рухий дөөлөтүнүн кайра жаралышы. /Регионалдык илимий-теориялык конференциянын материалдары.- Ош: ОшМУ, 1999, 0,4 б.т.

3.Молло Ныяздын көркөм ойлоосундагы «коздук» жана «сулуулук» категорияларынын чагылдырылышы. //Мамлекеттик тил жана аны башталгыч класстарда окутуунун маселелери. /Республикалык илимий практикалык конференциянын материалдары. Ош: ОшМУ, 1999, 0,3 б.т.

4. Абай жана Молло Нияздын чыгармачылыгындагы «абсолюттук рух» идеяларынын чагылдырылышы. //Түрк элдеринин дүйнө цивилизациясында алган орду жана ролу. /Оштун 3000 жана ОшМУнун 50 жылдыгына арналган эл аралык илимий конференциянын материалдарынын жыйнагы. – Ош, 1999, 0,3 б.т.

5.Молло Нияздын чыгармачылыгындагы этикалык мамилелердин категориялары жана анын конкреттүүлүгү. /Жогорку жыйнакта. 0,4 б.т.

6.Социально-политические воззрения Молло Нияза /Сборник научных трудов аспирантов г.Ош. –Ош: 2000. 0,4 б.т.

7.Молло Нияз – гуманист ойчул. Ош, 2000. 4,75 б.т.



8.Чыгыш ойчулдарынын гуманисттик идеялары жана андагы баалуулуктар. //Материалы международной научно-практической конференции «Личность и воспитание: роль образовательных технологий в современной школе» ч.II.-Ош:2001, 0,3 б.т.

9.Гуманисттик идеялардын байыркы булактары. /Ош МУнун 50 жылдык жана Женижоктун 140 жылдык маарекесине арналган «Кыргыз философиясынын актуалдуу проблемалары» аттуу илимий – теориялык конференциянын материялдарынын жыйнагы. – Ош, 2001, 0,5 б.т.

10.Гуманисттик идеялардын иерархиясы Молло Нияздын көз карашынын генезиси катары. //Гуманитарные проблемы современности (науч. тр. молодых ученых); Вып.2. НАН КР Ин-т филос. и права – Б., 2001, 0,3 б.т.

## АННОТАЦИЯ

Акматов О. С. «Молло Нияздын гуманисттик философиясы».

09.00.03 – философия тарыхы адистиги боюнча философия илимдеринин кандидаты деген илимий даражаны коргоо үчүн диссертация.

Диссертациялык иште XIX кылымдын көрүнүктүү ойчулу Молло Нияз Эрназар уулунун дүйнөгө көз карашынын, чыгармачылык идеяларынын жана эпистемасынын калыптанышынын социомаданий детерминанты концептуалдуу талдоого алынып, гуманисттик баалуулуктарынын маңызы ачып көрсөтүлөт.

Киришүүдө теманын актуалдуулугу, изилденүү деңгээли, изилдөө максаты жана милдеттери, изилдөө обьектиси жана предмети, коргоого сунушталган жоболор, эмгектин илимий жаңылыктары, изилдөө методдору, диссертациянын теориялык жана практикалык мааниси тастыкталат.

«Молло Нияздын көз карашынын генезиси жана эволюциясы» деп аталган биринчи бапта диссертант ойчулдун чыгармачылыгындагы гуманизм идеяларынын түпкү булактарын жана өбөлгөлөрүн иликтөө менен, коомдук – саясий философиялык ойлоосуна талдоо жүргүзөт. Анда кыргыз коомунун XIX кылымдагы социомаданий (геотарыхый, коомдук-экономикалык, геосаясий) абалы, гуманисттик идеялардын иерархиясынын таасирлери көрсөтүлүп, ойчулдун дүйнөгө көз карашынын, коомдук – саясий ойлоосунун гумианисттик нукка багытталгандыгы айкын белгиленет.

«Молло Нияздын көз карашындагы гуманисттик идеялар» деп аталган экинчи бапта Молло Нияздын агартуучулук ишмердүүлүгү, моралдык таалимдери, этикалык интерпретациялары, эстетикалык көз караштары жана андагы көркөм шарттуулуктар талдоого алынган. Мында автор, ойчулдун гуманисттик багыттагы философемаларына басым жасоо менен, анын коомду агартуучулук аракетинин чөйрөсүн (сабаттуулуктун, билимдүүлүктүн, тарбиянын синтези), адеп-ахлак таалимдериндеги этикалык интерпретацияларынын «жакшылык» жана «жамандык» категориялардын топтомунда чагылдырылышын, аалам диалектикасын эстетикалык кабылдоосун, жаратылыш кооздугу менен адам сулуулугун адекваттуу-реалдуу баалоосун, кооздук менен сулуулукту чагылдыруудагы көркөм шарттуулуктарын аныктоого аракеттенет.

Диссертант, Молло Нияздын гуманисттик идеяларынын лейтмотивинде «адамдагы адамдыктын» маңызы алга умтулуучулук менен гана чектелбестен, нравалык бийиктикке көтөрүлүү даражасын калыптоого багытталгандыгын, анда, адам жөнүндөгү идеал - сонундук, асылдык, ыйыктык сапаттарды өзүнө сиңирген, акыл эске ээ болгон, билимдүү, сезимтал, эрктүү, эмгекчил, сулуу, бакубат – гармониялуу өнүккөн инсан эсептелерин белгилейт.

Корутундуда изилдөөнүн илимий-практикалык натыйжалары көрсөтүлгөн.

## АННОТАЦИЯ

Акматов О. С. «Гуманистическая философия Молло Нияза».

Диссертация на соискание ученой степени кандидата философских наук по специальности 09.00.03 – история философии.

В диссертационной работе проводится концепт-анализ социокультурных детерминант формирования мировоззрения, творческих идей и эпистемы одного из видных кыргызских мыслителей XIX века Молло Нияз Эрназар уулу и комплексно раскрывается сущность гуманистических ценностей его творчества.

Во введении обосновывается актуальность темы, определяются цели и задачи, методы исследования, выделяются научная новизна, положения выносимые на защиту, раскрывается степень научной разработанности, теоретическое и практическое значения, а также обьект и предмет проблемы.

В первой главе «Генезис и эволюция мировоззрения Молло Нияза» диссертантом раскрываются истоки и предпосылки гуманизма в творчестве Молло Нияза в контексте общественно-политических, социокультурных его взглядов. Причем, в качестве социокультурных детерминант выделяются геоисторические, общественно-экономические, геополитические и духовные факторы традиционного кыргызского общества XIX века, воздействие на формирование воззрении поэта иерархии мировых гуманистических идей. Ибо, в динамике становления мировоззрения мыслителя, весьма ярко выделяется гуманистическая направленность его философии.

Во второй главе «Гуманистические идеи в мировоззрении Молло Нияза» рассматривается просветительская деятельность Молло Нияза, моральные устои, этические интерпретации поэта, мир художественной условности, определяемой эстетическими его взглядами. Автором, наряду с акцентированием на философемах Молло Нияза, имеющих гуманистическую направленность, делается попытка конкретизировать сферу просветительской деятельности мыслителя (синтез грамотности, образованности и воспитанности), отражающей этические интерпретации категорий «добра» и «зла», стихийно-эстетическое восприятие диалектики мира, адекватно-реалистично оценивающего красоту природы и красоту человека, условность восприятия изящного и прекрасного.

Диссертантом, в качестве лейтмотива гуманистических идей Молло Нияза, выделяется «человечное в человеке», направленное на стремление не только в будущее, но и к нравственным высотам. По его глубокому убеждеию идеал человека – это личность сочетающая в себе возвышенность, благородство и святость, т. е. качества, которыми должен обладать разумный и образованный, чувствительный и волевой, трудолюбивый, красивый и сильный человек, реализовавший свои внутренные силы.

В заключении изложены основные научные результаты исследования.

**ANNOTATION**

O. S. Akmatov. Mollo Niyaz's Humane Philosophy.
A dissertation for the candidate's degree of Philosophic Sciences on a specialty 09.00.03 - history of Philosophy.

In this thesis historical and philosophical analysis of creative ideas and epistems of the thinker of the XIX century Mollo Niyaz Emazar uulu are given and humane values are researched.

The topicality of the theme, aims and tasks of the research, its scientific novelty and research sources are stated in the introduction. The Introduction defines the structures of the thesis too.

In the first chapter the author determines genesis of evolutionary preconditions and influential sources of philosophy of life. The chapter also analyses creative ideas and social and political thinking of the poet. Social and cultural (geohistorial, social and economic, social and political) state of Kyrgyz society of XIX century is considered:'it touches upon communicative influences of hierarchies of world humane ideas, including Kyrgyz humane thoughts, and all spiritual values. The paper evaluates of public political thoughts in historical and philosophical reflex.'

The analysis of enlightening activities, moral foundations, ethical interpretations and aesthetic philosophy of life is suggested in Chapter 2. Here the author pays much attention to humane nature of Mollo Niyaz's philosophical ideas. The paper is intended to determine the area of public enlightening efforts (synthesis, competence, literacy and education and good breeding) reflecting categories of ethical interpretation of "good" and "evil", aesthetic perceptions in philosophy of life of the universe dialectics. Equally valuing the beauty of nature and man reflecting artistic conditional nature of elegance and beauty.

In leitmotif the author points out humane ideas of Mollo Niyaz, who determines "humane in man", directs not only to striving ahead, but also elevates moral heights and indicates the ideal man - combining the following qualities in himself: beauty, nobility, holiness that an intelligent and educated, a sensitive and strong-willed, a hard-working and handsome, a strong and harmoniously developed man contains.

The main scientific results of the research are recounted In Conclusion.



Нускасы 100. Заказ №152. Офсеттик кагаз.

И. Арабаев атындагы КГПУнун кичи-басмаканасы
720026. Бишкек ш, Эркиндик бул. 38
Телефон: 22-82-82
E-mail: maevka@mail.ru

**КӨЧҮРМӨ**

Ош мамлекеттик университетинин Окумуштуулар кеңешинин отурумунун
2020-жылдын 28-февралындагы № 7 протоколунан

КҮН ТАРТИБИ

3. Аспиранттардын жана изденүүчүлөрдүн диссертациялык иштеринин темаларын жана илимий жетекчилерин (кеңешчилерин) бекитүү (кайрадан бекитүү) жөнүндө

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Изденүүчү Акматов Өмүрзак Сарытайовичтин 09.00.11 – социалдык философия адистиги боюнча философия илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн диссертациялык ишинин темасы «Социомаданий жана социожаратылыштык факторлордун жеке адамдын, коомдун өнүгүүсүнө тийгизген таасирлери» диссертациялык ишинин темасы «Философиялык антропология алкагындагы гуманисттик парадигмалардын социожаратылыштык жана социомаданий табияты» деген темага өзгөртүлүп кайрадан бекитилсин.

2. Диссертациялык ишти жазуу боюнча илимий кеңешчиси философия илимдеринин доктору, профессор К. Карабеков мезгилсиз дүйнөдөн кайткандыгына байланыштуу ордуна философия илимидеринин доктору, профессор А. А. Бекбоев кайрадан дайындалсын.

Көчүрмө анык:
Окумуштуулар кеңешинин катчысы Дж. Ж. Асанбекова

**КӨЧҮРМӨ**

Ош мамлекеттик университетинин Окумуштуулар кеңешинин отурумунун
2020-жылдын 28-февралындагы № 7 протоколунан

КҮН ТАРТИБИ

3. Аспиранттардын жана изденүүчүлөрдүн диссертациялык иштеринин темаларын жана илимий жетекчилерин (кеңешчилерин) бекитүү (кайрадан бекитүү) жөнүндө

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Изденүүчү Акматов Өмүрзак Сарытайовичтин 09.00.11 – социалдык философия адистиги боюнча философия илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн диссертациялык ишинин темасы «Социомаданий жана социожаратылыштык факторлордун жеке адамдын, коомдун өнүгүүсүнө тийгизген таасирлери» диссертациялык ишинин темасы «Философиялык антропология алкагындагы гуманисттик парадигмалардын социожаратылыштык жана социомаданий табияты» деген темага өзгөртүлүп кайрадан бекитилсин.

2. Диссертациялык ишти жазуу боюнча илимий кеңешчиси философия илимдеринин доктору, профессор К. Карабеков мезгилсиз дүйнөдөн кайткандыгына байланыштуу ордуна философия илимидеринин доктору, профессор А. А. Бекбоев кайрадан дайындалсын.

Көчүрмө анык:
Окумуштуулар кеңешинин катчысы Дж. Ж. Асанбекова

"БЕКИТЕМИН"

Ош мамлекеттик университетинин ректору, физика-математика илимдеринин доктору, профессор ____________ К.Г.Кожобеков

"____" ______" 2024-ж.

Философия илимдеринин кандидаты, доцент: Акматов Өмүрзак Сарытайовичтин 09.00.11 – социалдык философия адистиги боюнча философия илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган "Философиялык антропология алкагындагы гуманисттик парадигмалардын социожаратылыштык жана социомаданий табияты" аттуу докторлук диссертациясын талкуулоо боюнча Философия жана политология кафедрасынын 2023-жылдын 22-декабрында өткөрүлгөн кеңейтилген жыйынынын №5 протоколунун

**КӨЧҮРМӨСҮ**

**Катышкандар:**

1. Исаков К.А. – төрага: философия илимдеринин доктору, профессор (09.00.03);
2. Балтабаева А.Т. – Ош КӨУнун проректору, философия илимдеринин доктору, профессор (09.00.11);
3. Курбанбаев К.А. – философия илимдеринин доктору, профессор (09.00.11);
4. Осмонова Нургүл Исраиловна – Б.Н. Ельцин атындагы КРСУнун философия жана дин таануу кафедрасынын башчысы, философия илимдеринин доктору, профессор (09.00.11) (онлайн);
5. Телебаев Газиз Турысбекович – Аль-Фараби атындагы Казах улуттук университетинин философия кафедрасынын профессору, философия илимдеринин доктору, профессор (09.00.11) (онлайн);
6. Аматова Г.У. – философия илимдеринин кандидаты, доцент (09.00.03);
7. Боронбаев А.Ж. – философия илимдеринин кандидаты, доцент (09.00.03);
8. Мырзакматов А.К. – философия илимдеринин кандидаты, доцент (09.00.03);
9. Итигулова Ж.К. – философия илимдеринин кандидаты, доцент (09.00.03);
10. Токоева Г.А. – философия илимдеринин кандидаты, доцент (09.00.03);
11. Акаев А.А. – саясий илимдеринин кандидаты, доцент (23.00.02);
12. Макамбаева Д. И. – философия илимдеринин кандидаты, доцент (09.00.11);
13. Манашев М. Э. – философия илимдеринин кандидаты, доцент (09.00.11);

14. Матаев К.А. – философия илимдеринин кандидаты, доцент (09.00.01);
15. Юсупова Р. О. – философия илимдеринин кандидаты, доцент (09.00.01);
16. Базаркулова Т. А. – улук окутуучу;
17. Бойтоева С.С. – окутуучу;
18. Турдиев В.А. – окутуучу;
19. Эшеналиева Д. Т. – окутуучу;

**Жыйындын төрагасы** – философия жана политология кафедрасынын башчысы, философия илимдеринин доктору, профессор: Исаков К.А.
**Жыйындын катчысы** – Юсупова Р. О. – философия илимдеринин кандидаты, доцент

## КҮН ТАРТИБИ:

1. Философия илимдеринин кандидаты, доцент: Акматов Өмүрзак Сарытайовичтин 09.00.11 – социалдык философия адистиги боюнча философия илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган ”Философиялык антропология алкагындагы гуманисттик парадигмалардын социожаратылыштык жана социомаданий табияты” аттуу докторлук диссертациясын талкуулоо.

**Диссертациялык иш** Ош мамлекеттик университетинин философия жана политология кафедрасында аткарылган.

**Илимий кеңешчи** – Бекбоев Аскар Абдыкадырович, философия илимдеринин доктору, профессор.

**Изденүүчү** Акматов Өмүрзак Сарытайовичтин доктордук диссертациясынын илимий темасы Ош мамлекеттик университетинин Окумуштуулар кеңешинин чечими менен бекитилген. (2012-жылдын 4-апрелиндеги отурумунун №7 протоколу; 2020-жылдын 28-февралындагы отурумунун №7 протоколу.)

**Жыйындын төрагасы: Исаков К.А. – философия илимдеринин доктору, профессор:** Урматтуу кесиптештер! Баарыңыздарга белгилүү болгондой, бүгүн Акматов Өмүрзак Сарытайовичтин 09.00.11 – социалдык философия адистиги боюнча философия илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган ”Философиялык антропология алкагындагы гуманисттик парадигмалардын социожаратылыштык жана социомаданий табияты” аттуу доктордук диссертациясын талкуулайбыз. Алгач изденүүчү жөнүндө кыскача маалымат берип өтөйүн.

Акматов Өмүрзак Сарытайович – Ош МУнун Философия кафедрасынын жана политология доценти, философия илимдеринин кандидаты, философия адистиги боюнча доцент, Кыргыз Республикасынын Билим берүүсүнүн отличниги.

Ал 1964-жылы 7-январда Ош областына караштуу Өзгөн районунун Жалпак-Таш айыл аймагындагы Курбу–Таш айылында туулган. Улуту – кыргыз. Үй-бүлөлүү: эки уул, эки кыздын атасы, тогуз неберенин чоң атасы жана таятасы.

1983-жылы Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун студенти болуп кабыл алынган. Ал 1985-жылы Москвада өткөрүлгөн Бүткүл дүйнөлүк жаштардын жана студенттердин эл аралык фестивалынын катышуучусу. Ошол жылдан тартып, аталган окуу жайды бүткөнгө чейин Лениндик стипендиянын ээси болгон. 1987-жылы Ош мамлекеттик педагогикалык институтун “артыкчылык дипломy” менен бүтүргөн.

Акматов Өмүрзак Сарытайович 1985-1986-окуу жылынан тартып Ош шаардык №14-“СССРдин 60 жылдыгы” атындагы орто мектепте, 1987–1988-окуу жылында Ош шаардык №38-“Барпы Алыкулов” атындагы орто мектепте “толук кандуу” жогорку билимдүү мугалим катары эмгек жолун уланткан.

1988-жылдан тартып Ош МУда окутуучу, улук окутуучу, доцент, 2003-жылдан 2015-жылга чейин Ош МУнун Социалдык иштер кафедрасынын башчысы, 2021-жылдан тартып, Философия жана политология кафедрасынын доценти катары эмгектенип келе жатат.

Өздүк интеллектуалын жана кесиптик билимин өнүктүрүү максатында үзгүлтүксүз аракет кылып, ЖОЖдордун масштабындагы регионалдык, республикалык илимий-теориялык жана илимий-практикалык конференцияларга, семинарларга катышып, илимий докладдар менен бир нече жолу чыгып сүйлөгөн. 2002-жылдын 25-январында КРнын УИАнын алдында философия илимдери боюнча кандидаттык диссертациясын ийгиликтүү коргогон. Мындан сырткары анын 45 илимий-усулдук эмгеги, анын ичинде 1 монографиясы, 10 усулдук колдонмосу басмадан жарык көрдү.

Өмүрзак Сарытайович «Философия», «Философия тарыхы», «Саясат философиясы», «Маданият философиясы», «Маданияттаануу», «Социалдык маданияттаануу», «Социалдык иштердин философиялык негиздери» «Социалдык-философиялык антропология», «Социалдык педагогика», «Социалдык иштердин кесиптик-этикалык негиздери» жана «Социалдык

иштер деонтологиясы» предметтери боюнча илимий-методикалык жактан жогорку деңгээлдеги лекцияларды, ошондой эле семинардык сабактарды өтүп келди.

Өмүрзак Сарытайович университеттик, шаардык, регионалдык деңгээлдеги социомаданий иш чараларды уюштуруп, аймактык, окуу жайлар аралык актуалдуу тематикадагы “конок-лекцияларды” өтүп, баалуу салымдарын кошууда. Ал өзгөчө, студенттерге терең кесиптик билим берүү менен үзүрлүү эмгектенип, студенттердин сүймөнчүлүгүнө айланган. Таланттуу педагог, мыкты уюштургуч иш билги жетекчи катары коллективде, студенттер арасында кадыр-баркка ээ.

Акматов Өмүрзак Сарытайович – көп жылдык педагогикалык үзүрлүү эмгегинин натыйжасы катары Ош МУнун, Ош шаардык мэриясынын, КРнын Билим берүү жана Илим министрлигинин, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин «Ардак грамоталары», ошондой эле, КРнын Билим берүүсүнүн «отличниги» төш белгиси менен сыйланган.

Илимий кеңешчиси – Бекбоев Аскар Абдыкадырович, философия илимдеринин доктору, профессор (мурдагы илимий кеңешчиси философия илимдеринин доктору, профессор Карабеков Кадырбектин мезгилсиз дүйнөдөн өткөндүгүнө байланыштуу, анын ордуна дайындалган).

Анда эмесе, диссертациянын негизги мазмуну, актуалдуулугу жана өзөктүү жерлерин айтып берүү үчүн алгачкы сөздү изденүүчү Акматов Өмүрзак Сарытайовичке берели. (Докладдын тексти тиркелет).

**Жыйындын төрагасы:** урматтуу жолдоштор эми кезекти суроолорго берели. Кимде кандай суроолор бар?

**Балтабаева А.Т. – философия илимдеринин доктору, профессор:** Диссертациялык иш татаал да, кызыктуу да проблемаларга арналыптыр. Философиялык антропология ырас эле соңку жаңы илимий тармак. Ошондон улам, менин суроом: Философиялык антропологиянын маңызы эмнеде?

**Изденүүчү Акматов Ө. С.:** - философиялык антропология адам маңызына, анын тагдыры, өмүр жана өлүм, жашоо мааниси жөнүндө адекваттуу жооп бере алат. Бул маселелерди чечпестен, адам жалпысынан жашоонун стратегиясын оптималдуу иштеп чыга албайт, өзүнүн жашоо максаттарын жана милдеттерин, дүйнөдөгү миссиясын түшүнө албайт. Демек, адам окуп жаткан илимдердин чегинен чыгып, дин, парапсихология, философия тармагына кайрылууга аргасыз болот;

- философиялык антропология – адам маселелеринин бардык көп кыйырларын терен талдоого умтулгандыгы менен аныкталат. Анда адам маселелериндеги социомаданий жана социожаратылыштык жагдайлардын,

рационалдуулук менен иррационалдуулуктун; дүйнөгө карата адамдык мамилелердин, философиялык темпорализмдин, уникалдуулук менен универсалдуулуктун, чектүүлүк менен чексиздиктин, жоопкерчилик менен парздардын; азап чегүү, жарашуу, келишүү, куткаруу философиясынын, жашоо маңызы менен окуялардын, рухий кырдаалдардын ж.б.у.с. өз ара биримдиги камтылган.

**Курбанбаев К.А. – философия илимдеринин доктору, профессор:** Философиялык антропологиянын функционалдык миссиясы эмнеде?

**Изденүүчү Акматов Ө. С.:**

Философиялык антропология адамга карата төмөнкүлөрдү камсыз кылууга тийиш:

- адамдын алдыңкы өзгөчөлүгү катары анын рухий калыптанышын камсыз кылуу;
- акылдын тынымсыз изденүүсүн стимулдаштыруу;
- жүрүм-турумдун маданий үлгүлөрүн берүү;
- диалогду окутуу, тең укуктуу өнөктөштүк мамилелерди түзүү;
- адамдар менен иштөөнү үйрөнүү;
- «акыл-эстин философиялык "акыл калчоо" адатын» калыптандыруу;
- социалдык баш-аламандыкта өз жолун табуу жөндөмүн үйрөтүү;
- адамды – рухий эркин адам кылуу;
- бийик рухий баалуулуктарды берүү;
- башка адамга карата баалуулук, рухий мамилени калыптандыруу;
- илим менен техниканын жетишкендиктерин түшүнүүгө үйрөтүү;
- дүйнөнү бүтүндөй көрүүгө үйрөтүү;
- өзү менен гармонияда жашоого үйрөтүү, өзүнүн келечегин көрүүгө үйрөтүү;
- дүйнөнү өзгөртүү методологиясы менен куралдануу, жаңы билимдерди өздөштүрүү, стандарттуу эмес чечимдерди кабыл алуу жөндөмдүүлүктөрүн калыптандыруу.

**Аматова Г.У. – философия илимдеринин кандидаты, доцент:** Адам менен коомдун эволюциясындагы табийгый-стихиялуу шарттарды кандайча чечмелөөгө болот?

**Изденүүчү Акматов Ө. С.:**

Табияттын өнүгүү процессинде адам менен коомдун пайда болуусунун климаттык жана биологиялык өбөлгөлөрү калыптанган. Табият коомдун өнүгүүсүнө таасирин тийгизип, ал – жаратылыштык шарттар жана өндүрүштүн өнүгүү денгээли менен аныкталат. Адам менен коомго климаттык шарттар да таасирин тийгизет. Коомдун жашоосу табияттык ресурстардын кору (запасы) менен шартталат. Андыктан алар бирдей бөлүштүрүлгөн эмес. Коомдун жашоо ишмердүүлүгүнө табияттын стихиялуу

күчтөрү: кургакчылык, суу ташкындары, сел каптоолор жана жер титирөөлөр, вулкандык атылуулар, цунами, тайфундар да таасирин тийгизет.

Табият чөйрөсү – коомдун жашоосунун табийгый шарты. Ал эми, коом – табияттын кыйла кенири бүтүндүгүнүн бөлүгү болуп саналат. Адам жерде анын ичке кабыкчасы катары географиялык чөйрөнүн чектеринде жашайт. Ал – анын жашоо чөйрөсү жана күчтөрүн жумшоо чөйрөсү. Географиялык чөйрө – бул коомдук өндүрүштүн процессине тартылган коомдун жашоосунун зарыл шарттарын түзгөн табияттын бир бөлүгү. Андан тышкары биздин жашоо-турмушубуз мүмкүн эмес.

**Юсупова Р. О. – философия илимдеринин кандидаты, доцент:** Ноосфералык гуманизмдин маңызы эмнеде?

**Изденүүчү Акматов Ө. С.:**

Ноосфералык гуманизмдин ички логикасы боюнча анын негизги жоболору төмөнкүлөр:

- биринчиси – адам менен аалам жашоосунун биримдиги, алардын системалык-уюштуруу түзүлүшүнүн, иштешинин жана өнүгүүсүнүн универсалдуу мыйзамдары жөнүндөгү ар тараптуу илим;

- экинчиси – «космоэволюциялык процессте адамдын акыл-эсинин чечүүчү ролуна болгон философиялык ишеним». Бул ролду И.М.Борзенко, – «дүйнөлүк өнүгүүнүн жакын арадагы максатын белгилөөдө (жалпы планеталык гармония, биосферанын ноосферанын абалына өтүүсү); дүйнөнүн мындан аркы өнүгүшүнүн акыркы максатын аныктоодо (бардык жана ар бир адамдын турмуштук жөндөмдүүлүгү, дүйнөнүн жогорку уюмдарына барабар); бул түпкү максатка терең трансформация аркылуу жетүүдө – жашоо чөйрөсүн тазалоо жана гармониялаштыруу, адамдын ички жана курчап турган табиятын аң-сезимдүү жөнгө салуу – деп тактайт.

**Жыйындын төрагасы: Исаков К.А.:** Урматтуу жолдоштор, суроолор жок болсо талкууну баштайлы. Талкуу үчүн сөз философия илимдеринин доктору, профессор: А.Т. Балтабаевага берилет.

**Балтабаева А.Т. – философия илимдеринин доктору, профессор:** Урматтуу жолдоштор, Өмүрзак Сарытайовичтин жасаган эмгеги аябай баалуу эмгек. Анткени, эмгектин баалуулугу – биринчиден, кыргыз-академиялык тилинде жазылгандыгы. Учурда кыргыз тилинде философиялык илимий адабияттар жетишсиз. Айрыкча илимий академиялык стилде жазылган адабияттар аздык кылат. Өмүрзак Сарытайовичтин диссертациялык ишинде кыргыз тилинде терминология жакшы жазылган.

Экинчиден, Кыргызстанда буга чейин философиялык антропология алкагындагы диссертациялык изилдөөлөр кыйыр түрдө болгону менен, түздөн-түз изилдөөлөр алгачкы жолу болуп жатат. Бул – биз үчүн саамалык.

Үчүнчүдөн, изилденүүчү тема актуалдуу. Анткени, учурдагы ааламдашуу алкагында адам маселелерин жөнгө салууда философиялык

антропология алкагындагы философиялык парадигмалардын орду маанилүү. Теманын ареалы аябай чоң.

Мен диссертация боюнча төмөнкү сунуштарды айткым келет. Изилдөө ареалдын чоңдугуна байланыштуу, айрым ой-пикирлерди конкреттештирүү керек. 1-баптагы синопсистеги адабияттарды жаңылаш керек. Тагыраагы 2010-жылдан берки адабияттарды көбөйтүү керек. Кыргыз философторунун өкүлдөрүнүн чыгармаларын көбөйтүү зарыл. 2-баптын 1-параграфына кыргыз мифтерин кошсо маанилүү болмок. Тойнби менен Данилевскийдин идеяларын өркүндөтсө жакшы болмок.  Марксизмдин идеялары учурда маанисиз. Ислам идеялары көп болуп калыптыр. Анын ордуна Чыгыш ойчулдарынын идеяларын көбөйтүү керек. Батыш философиясына көп басым жасалган. Анын ордуна кыргыз философиясын адам жөнүндөгү идеяларын көбөйтүү – өзүбүздүн философиябызды даңазалоо керек.

Жалпысанан диссертациянын илимий децгээли жогору. Изилденүүчү тема актуалдуу. Эмгек – диссертациялык талаптарга жооп берет. Диссертация теориялык жана практикалык жагдайда абдан маанилүү. Коргоого сунуш кылам.

**Жыйындын төрагасы: Исаков К.А.:** Урматтуу жолдоштор, кезектеги сөз философия илимдеринин доктору, профессор: К. А. Курбанбаевге берилет.

**Курбанбаев К.А. – философия илимдеринин доктору, профессор:** Урматтуу жолдоштор, чынында эле жогоруда профессор белгилегендей, Өмүрзак Сарытайовичтин жасаган эмгеги баалуу. Учурда кыргы тилинде жазылган философиялык илимий адабияттар жетишсиз. Айрыкча илимий академиялык стилде жазылган адабияттар аздык кылат. Диссертанттын изилдөө ишинде кыргыз тилинде илимий стиль, терминология жакшы жазылган. Мындан сырткары, Кыргызстанда буга чейин философиялык антропология алкагындагы диссертациялык түздөн-түз изилдөөлөр кыйыр түрдө болгону менен, түздөн-түз изилдөөлөр алгачкы жолу болуп жатат. Ошондуктан, мен бул эмгекти өзгөчө баалагым келет.

Алгач, автордун эмгекте коюлган маселе менен бир топ жылдардан бери алектенип келе жаткандыгын белгилеп коюу керек. Анткени муну буга чейинки илимий эмгектеринде айтылган ой-пикирлери, изилдөөлөрү тастыктайт. Диссертацияда белгилеп кетүүчү бир-эки жагдай бар. Эмгек мазмуну жагынан так, жеткиликтүү сүйлөмдөр менен берилип, ой тутумдун мааниси окурманга түшүнүктүү жазылганы байкалып турат. Кээ бир эске алчу жагы, диссертацияда айрым жерлерде публицистикалык стиль да колдонулуп калган. Изилдөө ареалдын чоңдугуна байланыштуу, диссертациянын көлөмөн азайтуу керек. Кыргыз философторунун өкүлдөрүнүн чыгармаларын көбөйтүү зарыл. Кыргыз жана Чыгыш ойчулдарынын идеяларын көбөйтүү керек. Батыш философиясына көп басым

жасалган. Анын ордуна кыргыз философиясын адам жөнүндөгү идеяларын көбөйтүү – өзүбүздүн философиябызды даңазалоо зарыл. Айрым жерлерде граматикалык мүчүлүштүктөр кездешет.

Өмүрзак Сарытайович – адам табиятынын антропологиялык өңүттөрүн социомаданий шайкештикте – философиялык рефлексия даражасында концепталдуу талдоого жетишкен. Ал айрыкча гуманизмдин социожаратылыштык табиятын, социомаданий айкалышкан бүтүндүк катары чечмелөөгө аракеттенген. Философиялык антропологиянын изилдөөчү предметин логикалык чечмелөөгө жетишкен.

Жалпысанан диссертациянын илимий деңгээли жогору. Изилденүүчү тема актуалдуу. Эмгек – диссертациялык талаптарга жооп бере алат. Диссертация теориялык жана практикалык жагдайда абдан маанилүү. Ошондуктан, мен диссертацияны коргоого сунуш кыламын.

**Жыйындын төрагасы: Исаков К.А.:** Урматтуу жолдоштор, кезектеги сөз бизге онлайн формасында катышып жаткан Б.Н. Ельцин атындагы КРСУнун философия жана дин таануу кафедрасынын башчысы, философия илимдеринин доктору, профессор: Осмонова Нургүл Исраиловнага берилет.

**Осмонова Н. И. – философия илимдеринин доктору, профессор:** Урматтуу коллегалар, эң оболу мени талкууга чакырып, катыштырып жатканыңыздар үчүн ыраазылык билдиремин. Акматов Өмүрзак Сарытайовичтин докторлук диссертациясында философиялык антропология алкагындагы гуманисттик парадигмалардын социожаратылыштык жана социомаданий табияты социалдык философиялык талдоого алынган. Иш жетишээрлик илимий-теориялык деңгээлде автор тарабынан өз алдынча концептуалдуу аткарылган. Изденүүчү өздүк ой пикирин, тыянактарын аргументтуу, ишенимдуу бере алган.

Биздин өлкөдө буга чейин философиялык антропология алкагындагы диссертациялык түздөн-түз изилдөөлөр кыйыр түрдө болгону менен, түздөн-түз изилдөөлөр алгачкы жолу болуп жатат. Ошондуктан, мен бул эмгекти өзгөчө баалагым келет. Эмгектин аксиологиялык жана праксиологиялык баалуу деп эсептеймин.

Диссертациялык иш Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын докторлук диссертацияларга койгон талаптарына толук жооп берет. Ал эми анын автору Акматов Өмүрзак Сарытайович 09.00.11 – социалдык философиянын тарыхы адистиги боюнча философия илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын алууга татыктуу деп эсептеймин.

**Жыйындын төрагасы: Исаков К.А.:** Урматтуу жолдоштор, бизге дагы бир кесиптешибиз онлайн формасында катышып жатат. Кезектеги сөздү Аль-Фараби атындагы Казах улуттук университетинин философия кафедрасынын профессору, философия илимдеринин доктору, профессор Телебаев Газиз Турысбековичке берели.

**Телебаев Г. Т. – философия илимдеринин доктору, профессор:** Урматтуу кесиптештер! Алгач мени талкууга катыштырып, сөз бергениңиздер үчүн ыраазылык билдиремин. Бугун биз Акматов Өмүрзак Сарытайовичтин докторлук даражаны изденип алуу учун жазган диссертациясын талкуулап жатабыз. Изилденүүчү тема актуалдуу болуп саналат. Анткени, учурдагы ааламдашуу алкагында жалпы адамзаттык көйгөйлөрдү, адам маселелерин жөнгө салууда философиялык антропологиянын, айрыкча философиялык парадигмалардын орду маанилүү. Философиялык антропология ракурсунда илимий изилдөөлөр Кыргызстанда гана эмес, Борбордук Азияда деле сейрек изилденет. Теманын масштабы аябай кенири экен.

Экинчиси, диссертациянын структурасы төрт баптан түзүлгөн. Албетте, маалыматтын көп болгону жакшы. Ар бир бап эки параграфтан туруп, логикалык симметриялуу орун алыптыр. Автор философиялык антропологиянын ракурсунда гуманисттик парадигмалардын социожаратылыштык жана социомаданий табиятын улуттук феноменде чагылдырууга аракеттениптир.

Жалпысанан диссертациянын илимий децгээли жогору. Изилденүүчү тема актуалдуу. Эмгек – диссертациялык талаптарга жооп бере алат. Диссертация теориялык жана практикалык жагдайда абдан баалуу экен. Ошондуктан, мен диссертацияны коргоого сунуш кыламын. Көңүл бурганыңыздар үчүн чоң рахмат.

**Жыйындын төрагасы: Исаков К.А.:** Урматтуу жолдоштор, кезектеги сөз философия илимдеринин кандидаты, доцент: Г.У. Аматовага берилет.

**Аматова Г.У. – философия илимдеринин кандидаты, доцент:** Кутман күнүңүздөр менен урматтуу коллегалар, Өмүрзак Сарытайовичтин жасап жаткан эмгеги бизди кубандырат. Бул багытта изилденген тематика чынында Кыргызстандын алкагында сейрек кездешет. Эмгектин биринчи баалуулугу – анын, кыргыз тилинде жазылгандыгы. Баарыбызга белгилүү болгондой эле, учурда кыргыз тилинде философиялык илимий адабияттар жетишсиз. Айрыкча илимий академиялык стилде жазылган адабияттар аздык кылат.

Өмүрзак Сарытайовичтин диссертациялык ишинде нагыз кыргыз тилинде терминология жакшы берилген. Айрыкча философиялык антропология ракурсунда изилдөө предметинин контекстине ылайык стилдик артыкчылыктар бар. Логикалык анализдөө жана синтездөө жеткилең берилген.

Мен диссертация боюнча төмөнкү сунуштарды айткым келет. Алар:

- диссертациянын текстиндеги айрым граматикалык мүчүлүштүктөрдү оңдоп чыгууну;
- Батыш философиясына көп басым жасалган. Анын ордуна кыргыз философиясынын адам жөнүндөгү идеяларын көбөйтүүнү;
- берилген мисалдарды күнүмдүк турмушка ылайыкташтырып чыгууну;

Изилденген диссертациянын натыйжалары теориялык жана практикалык жактан абдан маанилүү. Айрыкча Батыш жана Чыгыш

философиясынын дихотомиясындагы айырымачылыктарды автор жеткиликтүү чагылдырган.

Жалпысанан диссертациянын илимий децгээли жогору. Анын прагматикалык маңызы да маанилүү. Изилденүүчү тема актуалдуу. Эмгек – диссертациялык талаптарга жооп берет. Жогоруда айтылгаг сунуштарды колдоо менен, мен да белгиленген эмгекти коргоого сунуш кыламын.

**Жыйындын төрагасы: Исаков К.А.:** Урматтуу жолдоштор, кезектеги сөз философия илимдеринин кандидаты, доцент: А.К.Мырзакматовго берилет.

**Мырзакматов А.К. – философия илимдеринин кандидаты, доцент:** Урматтуу кесиптештер! Биз Өмүрзак Сарытайовичтин докторлук даражаны изденип алуу учун жазган диссертациясын талкуулап жатабыз. Алгач, автордун эмгекте коюлган маселе менен бир топ жылдардан бери алектенип келе жаткандыгын белгилеп коюу керек. Анткени, диссертанттын буга чейинки илимий макалаларында, айтылган ой-пикирлери, изилдөөлөрү тастыктайт. Диссертацияда белгилеп кетүүчү бир-эки жагдай бар. Изилденүүчү тема актуалдуу. Эмгек мазмуну жагынан так, жеткиликтүү сүйлөмдөр менен берилип, ой тутумдун мааниси окурманга түшүнүктүү жазылганы байкалып турат. Диссертация илимий стиль менен жазылгын. Ар бир параграфтын соңунда айкын корутундулар берилген.

Өмүрзак Сарытайовичтин жасап жаткан эмгеги чынында баалуу. Баарыбызга белгилүү болгондой эле, учурда кыргыз тилинде философиялык илимий адабияттар жетишсиз. Айрыкча илимий академиялык стилде жазылган адабияттар аздык кылат. Ал эми, философиялык антропология багытында болсо Кыргызстанда алгачкы десем жаңылышпайымын.

УАКтын жаңы талабынын негизинде колдонулган булактар боюнча алгачкы бапта синопсис катары талдоо берип кетиптир. Менин пикирим боюнча диссертациянын көлөмү көбүрөөк. Диссертацияда ондоп койсо боло турган техникалык-граматикалык мүчүлүштүктөр кездешет. Андыктан айтылган сунуш-пикирлерди эске алып, дагы оңдоо-түзөөлөрдү киргизесиз деген ойдомун. Жалпысынан, Өмүрзак Сарытайовичтин докторлук диссертациясынын илимий деңгээли жеткиликтүү. Андыктан, диссертация коргоог осунуштаймын.

**Жыйындын төрагасы: Исаков К.А.:** Урматтуу жолдоштор, кезектеги сөз философия илимдеринин кандидаты, доцент: Р. О. Юсуповага берилет.

**Юсупова Р. О. – философия илимдеринин кандидаты, доцент:** Урматтуу төрага, урматтуу жолдоштор, бугун биз талкуулап жаткан Өмүрзак Сарытайовичтин 09.00.11. – "Социалдык философия" адистиги боюнча илимдин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу учун жазылган "Философиялык антропология алкагындагы гуманисттик парадигмалардын социожаратылыштык жана социомаданий табияты" аттуу диссертациялык иши – концептуалдык жактан маанилүү теориялык проблемага арналган. Биричиден, изилденүүчү тематика учурдун жана келечектин да актуалдуу проблемаларынан болуп саналат. Анткени адам маселесинин өзү – түбөлүк актуалдуу эмеспи. Ал эми, адам маселесин философиялык антропология алкагында, гуманисттик парадигмалардын социожаратылыштык жана

социомаданий табияты контекстинеде концептуалдуу талдоо – абдан маанилүү. Экинчиден, адамды изилдөөнүн түрдүү чаржайыт багыттарынан оолактап, автор айкын системалуу жана комплекстүү – ошол эле учурда концептуалдуу методологияга таянган. Изилдөөдө бир жактуулук жок. Батыштык жана Чыгыштык адам таануунун өнүттөрүн эске алган.

Диссертациянын көлөмү көбүрөөк. Менин сунушум – ар бир бап тең салмактуу эки параграфтан кылып, жалпысынан тогуз параграфты сегиз параграфка кыскартса болчудай. Диссертацияда оңдоп койсо боло турган техникалык-граматикалык мүчүлүштүктөр кездешет. Андыктан айтылган сунуш-пикирлерди эске алып, дагы оңдоо-түзөөлөрдү киргизесиз деген ойдомун.

Жалпысынан, Өмүрзак Сарытайовичтин докторлук диссертациясынын илимий деңгээли жогору. Доктордук диссертацияларды коргоонун талабына жооп берет деген ойдомун. Андыктан, диссертацияны коргоого сунуштаймын.

**Жыйындын төрагасы: Исаков К.А.:** Урматтуу жолдоштор, кезектеги сөздү мага берсеңиздер. Мен да өз ой-пикиримди айта кетейин.

**Исаков К.А. – философия илимдеринин доктору, профессор:** Урматтуу жолдоштор, өзүңүздөргө маалым болгондой, Өмүрзак Сарытайович аталган тематиканын үстүнөн көп жыл эмгектенди. Белгиленген теманын алкагында көптөгөн илимий конференцияларда чыгып сүйлөп, анын натыйжасы катары диссертанттын илимий макалалары ата мекендик жана чет өлкөлүк басмалардан жарык көрдү. Сиздер баса белгилегендей, чынында эле Өмүрзак Сарытайовичтин жасаган эмгеги аябай баалуу эмгек. Анткени, кыргыз тилинде, илимий академиялык стилде жазылган адабияттар аздык кылат. Өмүрзак Сарытайовичтин диссертациялык ишинде кыргыз тилинде терминология жакшы жазылган. Кыргызстанда буга чейин философиялык антропология алкагындагы диссертациялык изилдөөлөр кыйыр түрдө болгону менен, түздөн-түз изилдөөлөр алгачкы жолу болуп жатат. Бул – биз үчүн ийгилик.

Изилденүүчү тема актуалдуу. Анткени, Адам маселеси – сансыз ойчул-окумуштууларды акыл калчаткан, ойго бөлүп, кылым карыткан – рухий кенч. Ал пикирлердин кагылышынан жаралган келишпеген талаштын бутасы катары байыркы миф-уламыштардан, философемалардан тартып абстрактуу ой бүтүмдөргө (мифологемаларга) чейинки алга-артка сапырылган өркөчтөнгөн толкун сымал чексиз баскычтарды басып өттү. Ааламдашуу алкагында адам маселелерин жөнгө салууда философиялык антропология алкагындагы философиялык парадигмалардын орду маанилүү. Теманын ареалы аябай кеңири алкакты чагылдырып турат. Айрыкча адамдын социомаданий жана социожаратылыштык табиятын концептуалдуу ачып берүүгө жетишкен.

Мен диссертация боюнча төмөнкү сунуштарды айтаар элем. Изилдөө ареалдын чоңдугуна байланыштуу, айрым ой-пикирлерди кыскартуу максатында жалпылаштырылгын сереп жасоо абзел. Мүмкүн болушунча кыргыз философторунун илимий чыгармаларын жана Чыгыш ойчулдарынын идеяларын көбөйтүү зарыл. Мен да кыргыз философиясынын адам

жөнүндөгү идеяларын көбөйтүүнү – өзүбүздүн философиябызды даңазалоону сунуштаар элем.

Жалпысанан диссертациянын илимий-теориялык деңгээли жогору. Ошол эле учурда диссертация прагматикалуу. Изилденүүчү тема актуалдуу. Эмгек – диссертациялык талаптарга жооп берет. Диссертация теориялык жана практикалык жагдайда абдан маанилүү. Мага чейинки айтылган сын-пикирлерди эске алуу менен диссертацияны коргоого сунуш кылам.

**Жыйындын төрагасы: Исаков К.А.:** Урматтуу жолдоштор, сүйлөөчүлөр жок болсо, кезектеги сөздү диссертантка берели.

**Изденүүчү Ө.С. Акматов:** Урматтуу төрага, Урматтуу бүгүнкү илимий жыйындын катышуучулары, сиздердин айткан сын-пикирлериңиздер мен үчүн абдан баалуу деп эсептеймин. Жогоруда айтылган сын-пикирлер менен каалоо-тилектерди эске алам. Убактыңыздарды болуп, менин диссертациялык эмгегимди көңүл коюп окуп, баалуу кеңештериңиздерди, сунуштарыңыздарды айтканыңыздар үчүн ыраазычылык билдиремин. Сиздерге чоң рахмат!

**Жыйындын төрагасы: К. А. Исаков:** Урматтуу жолдоштор! Жалпы жонунан талкуу бийик деңгээлде өттү десек болот. Диссертант жогоруда айтылган сунуш-пикирлерди, каалоо-тилектерди эске алат деп ишенебиз. Анда эмесе, сиздердин уруксатыңыздар менен диссертацияны ачык коргоого сунуштоо маселесине добушуңуздарды берип коюууңуздарды өтүнөм.

Макул – баары, каршы – жок, калыс – жок.

Акматов Өмүрзак Сарытайовичтин 09.00.11 – социалдык философия адистиги боюнча философия илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган "Философиялык антропология алкагындагы гуманисттик парадигмалардын социожаратылыштык жана социомаданий табияты" аттуу докторлук диссертациясын талкуулоонун жыйынтыгы боюнча бүгүнкү жыйындын корутундусун жана токтомун бекитип коёлу.

**КОРУТУНДУ**

**I. Теманы изилдөөнүн актуалдуулугу.** Философиялык антропология – философиялык илимий тармак катары XVIIIк. И.Канттын окуусунан башат алат десек болот. Мындай жыйынтыктын айрым негиздери И.Канттын филсофиядагы төңкөрүшү жана анын категориялык императив концепциясы болуп эсептелет. XX к. 20-ж. Германияда Макс Шелер (1874-1928) тарабынан анын "Космостогу адамдын абалы" (1928) деген эмгегинде ошол мезгилдеги жана ага чейинки адам филсофиясы тууралуу илимий түшүнүктөр жана концепциялар жалпыланган. Мындан тышкары Философиялык антропология методологиялык мүнөзгө ээ, б.а. анын адам тууралуу теориялык жыйынтыгы башка адамга байланыштуу илимий изилдөөлөрдүн таянычы болуп эсептелет.

XXI кылымдын негизги глобалдык деңгээлдеги проблемалары жалпыадамзатты ааламга карата бирдиктүү философиялык рефлексия

даражасында ой жүгүртүүнү шарттап олтурат. Алар: – жер шарындагы калктын санынын көбөйүшүнөн улам (2025-30-жылдары – 9миллиардга көбөйүшү болжолдонууда) тамак-аш, азык-түлүк тартыштыгынын пайда болуусу, 2025-жылга карата азыркы өндүрүлгөн тамак аштын көлөмүн жок дегенде 50%га жогорулатуу зарылдыгы болжолдонууда; – Гималайдын айланасында: Кытай, Индия жана Пакистан; Палестина менен Израилдин; Орто Азиядагы мамлекеттердин: Өзбекстан, Тажикстан, Казахстан жана Кыргызстан аймагында суу таңкыстыгы жаралып, ичүүчү таза суунун жетишсиздиги күтүлүүдө; – энергетиканын жетишсиздиги (газ, нефти ж. б.) социалдык муктаждыкты жаратууда; – климат проблемасы – жер шарындагы орточо температуранын жогорулоосу, суу ташкындары, жер көчүүлөр ж.б. – социалдык жашоону туруксуздандырууда.

Мына ушундай глобалдык деңгээлдеги проблемалар жалпыадамзаттык социалдык проблемалардын детерминанты болуу менен, материалдык-социалдык кризиске, андан рухий-экзистенциалдык крихиске алып келүүдө. Анткени, мына ошондой социалдык кризистер – баалуулуктардын алмашышына түрткү берип, адамдарды “жашоо үчүн күрөштө” түрдүү психикалык депрессияларга, стресстерге, эрксиздик менен алсыздыкка – пессимизмге кабылууга аргасыз кылууда. Демек, глобалдык деңгээлдеги проблемалар – макро жана микрокосмдук диалектикалык контекстте аалам менен адамдын социожаратылыштык жана социомаданий мамилелерине, адамдын биосоциалдык жана рухий маңызына карата конструктивдүү социалдык философиялык антропологиялык алкакта ой жүгүртүүнү талап кылууда. Мындай талап өзгөчө жалпыадамзаттык проблемалар алкагындагы философиялык антропологиянын ордун, аларды чечүүдөгү гуманисттик философиянын парадигмалык маңызын илимий-концептуалдуу талдоого алууну шарттап олтурат.

Философиялык антропология – философиянын адамга багытталган бардык чөйрөлөрүн өзүнө камтуу менен адам феномени, адам барлыгынын көп кырдуулугу, анын өзгөчөлүктөрү, деги эле, адамдык жашоо маңызы сыяктуу маселелердин диалогун түзүп турат. Адамды гуманизациялоого багытталган философиялык антропологиялык методология – адамдын бардык жагдайларын гуманисттик интеграциялоого – адамды социомаданий калыптоого жана гармониялуу өнүктүрүүгө багытталган.

Философиялык антропология – өз тармагына адам болмушунун антропогенездик алкагынын көптөгөн жагдайларын камтып турат. Анда: адам табияты менен маңызы, адам субъективдүүлүгү, адам уникалдуулугу, адамдагы «Мен», «Мен жана сен», «Мен, сен жана башкалар» маселелери камтылган. Мындан сырткары интуиция, ишеним, сүйүү жана мээрим, азап чегүү, коркуу, сагынуу, кусалануу, өксүү, баштан кечирүү, тобокел салуу, улгаюу менен карылык, жалгыздык, өлүм менен өлбөстүк жана аларга карама-каршы келген кубануу, сүйүнүү, эргүү, кумарлануу, бакыт, тагдыр сыяктуу эмоциялык чыныгы субъект же, пассивдүү объект абалындагы социалдык кыймылдын маргиналдуу кубулушун айкындап туруучу экзистенциалдык тематикалар чагылдырылат. Ал инсандын ички убакыт жана мейкиндик дүйнөсүнүн реалдуу барлыкка карата аракет этүүсүн

аныктоочу индивидуалдуулуктагы болмуштун маңызын талдоого алууга жөндөмдүү.

Философиялык антропология алкагындагы социалдык философиянын концепт-аппараты өзүнө ой жүгүртүүнүн универсалдуу мүнөздөгү философиялык категориялар менен формаларды камтып турат. Анда: адам жанакоом, маданийлүүлүк менен табийгыйлуулук, социалдык аракеттер менен социалдык мамилелер, эркиндик менен көз карандылык, жуурулушу менен конфликт, өлүм менен өлбөстүк, бакыт менен бактысыздык, сүйүү менен махабат, кумар менен ырахат, жаштык менен карылык, өнүгүү менен чегинүү, кайгы менен кубаныч,өкүнүч менен сүйүнүү, арман менен ийгилик, кусалануу менен сагыныч, эргүү менен толкундануу, убакыт менен мейкиндик, кырдаал менен абал, тандоо менен аргасыздык, тобокелчилик менен маргиналдуулук, жашоо образы менен жашоо кыймылы, коммуникация ж.б.у.с камтылган. Айрыкча философиялык антропологиянын проблематикасында универсалдуулук менен уникалдуулуктун экилтик кесилиши негизги мааниге ээ. Ал адам табиятына берилүүчү априордук жана талдык формадагы генетикалык шарттулук менен социомаданий нормаларды, турмуштук катастрофалар менен жашоо маңызын, социалдык аргасыздык менен индивидуалдык эркиндикти камтып турат. Мындан сырткары тигил же, бул социумдун ар кандай социалдык залалдуулуктардан, глобалдуу проблемалардан, айрыкча социалдык-экологиялык терс кубулуштардан сактануунун, эгерде андай кубулушка кириптер болгон болсо, андан арылуунун методологиялык маселелерин үйрөнүүгө жардам берет. Азап чегүүчү же, кризистик абалдагы социумдун жашоо дүйнөсү жөнүндөгү идеялардын философиясын түзүп, аларды жөнгө салуунун философиялык жоболорун түзүүгө жөндөмдүү. Өзгөчө адам болмушунун көп түрдүүлүгүн: анын этникалык, аймактык, тектик, курактык, тарыхый, табийгый-менталдык жана индивидуалдык өзгөчөлүктөрүн жалпы адамдык алкак менен айкалыштырып кароодо интерпретациялоого көмөк бере алат. Бул процессте жеке адамды коомдук жалпылоо тенденциясы, же, бардык эле адамдарды бирдей баалоо түшүнүгү оң жана терс натыйжа берээри өзүнчө маселе. Анткени, жашоодо бакытка умтулуудагы социалдык-укуктук бирдей теңдештирүү аракети социалдаштыруу контекстинде максатка ылайыктуу келсе, ошол эле учурда ар бир адамдын уникалдуу табиятын, андагы кайталангыс, өз алдынчалык адамдык касиеттерин, баалуулуктарын тааныпбагандык терс натыйжага алып келээри анык.

Жогоруда учкай белгиленген концептуалдык жагдайлар диссертациялык иштин илимий-теориялык маанисин (актуалодуулугун) таасын айгинелеп турат.

**II. Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Диссертациялык изилдөөнүн негизги **максаты** – философиялык антропологиянын концептуалдык маңызын, конкреттүү-тарыхый мүнөзүн соңку өңүттө жалпылап, анын алкагындагы гуманисттик парадигмалардын социожаратылыштык жана социомаданий табиятын, логикалык ырааттуулугун иликтөө болуп эсептелет. Ал эми бул белгиленген максат

изилдөөнүн натыйжасында реконструкцияланган социомаданий моделдердин зарылдыгы менен аныкталган.

Белгиленген максатка ылайык илимий иштин төмөнкү **милдеттери** аныкталды:

- философиялык антрополгия алкагындагы илимий-изилдөөлөргө аналитикалык синопсис жасоо;
- кыргыз профессионалдык философиясындагы анторопологиялык сегменттерди белгилөө;
- антропологиянын кыргыз кыртышындагы философемалык формаларын айкындоо;
- философиялык антропологиянын социотабияттык жана социомаданий рефлексиясын аныктоо;
- философиялык антропологиянын концептуалдык маңызын жана логикалык табиятын илимий-аналитикалык чагылдыруу;
- гуманизмдин типологиялык өзгөчөлүктөрүн жана социомаданий парадигмаларын айкындоо;
- антропологиялык контексттеги адаммаңызынжана табиятын илимий-концептуалдуу чечмелөө;
- адам парадигмасынын трансгуманисттик долбооруна, этикалык доктринасына аксиологиялык жана праксиологиялык талдоо жүргүзүү:
- гуманисттик парадигмаларды социожаратылыштык жана социомаданий контекстте прогноздоонун жана моделдештирүүнүн эпистемаларын аныктоо.

**III. Диссертациялык иштин илимий жаңылыгы.** Философиялык антропологиянын маңызы, бүтүндөй адам жөнүндөгү философиялык түшүнүктөрдүн жалпыланышы, бирдиктүү бир системасы менен конкреттүү-тарыхый гуманисттик парадигмалардын социожаратылыштык жана социомаданий табияты айкалыштырылып, гуманизмдин типологиясынын алкагындагы адам парадигмасынын трансгуманисттик долбоору жана этикалык доктринасы азыркы геосаясий алкакта такталды. Бул атлган жагдай төмөнкү концептуалдык констаталар аркылуу конкреттештирилди:

-гуманисттик контексттеги философиялык антрополгия алкагындагы илимий-изилдөөлөргө аналитикалык синопсис жасалды;

-дүйнөлүк философия алкагындагы кыргыз профессионалдык философиясынын анторопологиялык сегменттери белгиленди;

-социалдык философиянын жана антропологиянын кыргыз кыртышындагы философемаларына концептэкскурс жүргүзүлдү;

-философиялык антропологиянын социотабияттык жана социомаданий рефлексиясы айкындалды;

-философиялык антропологиянын концептуалдык маңызы менен логикалык табияты илимий-аналитикалык чагылдырылды;

-гуманизмдин типологиялык өзгөчөлүктөрү менен социомаданий парадигмалары айкындалды;

-антропологиялык контексттеги адам маңызы менен табияты илимий-концептуалдуу чечмеленди;

-адам парадигмасынын трансгуманисттик долбооруна, этикалык доктринасына аксиологиялык жана праксиологиялык талдоо жүргүзүлдү:

-гуманисттик парадигмаларды социожаратылыштык жана социомаданий мамилелер контекстинде прогноздоонун жана моделдештирүүнүн эпистемалары белгиленди.

**IV. Алынган натыйжалардын теориялык жана практикалык маанилүүлүгү.** Диссертациялык изилдөөнүн **теориялык** жоболорун жана **методологиялык** жыйынтыктарын социалдык-гуманитардык багыттагы илимий изилдөөлөрдө, аспиранттарга жана студенттерге философия, социалдык философия, философиялык антропология, социалдык философиялык антропология, маданият философиясы, этика, жана эстетика дисциплиналары боюнча лекцияларды окууда, семинардык сабактарды этуудө кецири пайдаланса болот.

Диссертациялык изилдөөнүн **практикалык** натыйжаларын келечек муундарга гуманисттик багыттагы: альтруисттик, этикалык, эстетикалык, экологиялык, экономикалык жагдайларда тарбия берүүдө, жалпы эле социалдык-гуманитардык ишмердүүлүк чөйрөсүндө пайдаланууга болот. Өзгөчө: адам зоболосун, адамдын космикалык жана социалдык мейкиндиктеги орду менен ролун бийик тутуу; бардык материалдык жана рухий, абсолюттук жана күнүмдүк баалуулуктарды мурастоо; табиятты сүйүү, коздук менен сулуулукту, асылдык менен сонундукту, ыймандык менен адептикти, айкалыштыруу; табият менен шайкеш жашоо сыяктуу асыл сапаттарды калыптоо идеяларын өнүктүрүүдө абдан маанилүү.

**Ү. Диссертациянын коргоого коюлуучу негизги жоболору:**

1. Классикалык философиялык антропология адамды биологиялык алкак менен чектеп, анын салыштырмалуу өз алдынчалуулугуна, потенциалдуу мүмкүнчүлүгүнө жетишерлик денгээлде көнүл бурбай келгендиги белгилүү. Адам – парадоксалдуу табияты боюнча бир эле учурда социалдык кырдаал чөйрөнүн субъектиси да жана объектиси да экендиги эске алынган эмес. Сонку мезгилде классикалык философиялык антропологиянын ушул учкай белгиленген көйгөйдү иликтөөгө ык койгону байкалууда. Адам өзүнүн шык-жөндөмүнүн жардамы аркасында бир эле мезгилде бардык коомдук карым-катнаштардын объектиси жана субъектиси болуп саналат.

2. Кыргыз мифологиясынын философиялык табиятын ар тараптуу талдоого алганда, анын антропологиялык жана онтологиялык өзөгүнө да белгилүү бир даражада көңүл бурулган. Алды менен автор тарабынан социалдык философиялык ойломдун өзгөчөлүгү мыйзам ченемдүүлүк катары каралып, ал жалпы адамзаттык рухий-интеллектуалдык процесс деп бааланат. Ошондой эле ар бир элдин этникалык философемаларын бүткүл дүйнөлүк философиялык көз караштан бөлүп кароого болбойт. Б. а. ар бир элдин социомаданий баалуулуктары, гуманисттик парадигмалары бүткүл дүйнөлүк гуманистик ойлом эволюциясынын бир салаасы, бөлүгү катары өнүгөт.

3.Социотабийгый чөйрөгө болгон комплекстүү көз караш, табият менен коомдун өнүгүүсүнүн жалпы мыйзам ченемдүүлүктөрүн түшүнүү азыркы адамдын маданиятынын маанилүү курамдык бөлүгү болуп саналат. Биосфера – глобалдык экосистема. Коом биосферанын подсистемасы катары,

социотабийгый системалардын өзгөчөлүктөрү болуп саналат. Коом – табият системасынын элементтери, функционалдык байланыштары жана негизги фактору. Экологиялык карама-каршылык алмашуу процесстеринин дискреттүүлүгүнүн функциясы катары каралат. Экологиялык туруктуулук – системанын туруктуулугу, түшүнүгү, социотабийгый экосистемалардын туруктуулугунун өзгөчөлүктөрү.

4. Адам болмушунун антропогенездик алкагынын көптөгөн жагдайларын камтыган философиялык антропология – адам табияты менен маңызы, адам субьективдүүлүгү менен анын уникалдуулугу, адамдагы «мен» маселелери, интуиция, ишеним, сүйүү маселелери, экзистенционалдык маселелер: азап чегүү, сагынуу, кусалануу, өксүү, баштан кечирүү, тобокел салуу, улгаюу менен карылык, жалгыздык, өлүм менен өлбөстүк жана аларга карама-каршы келген кубануу, сүйүнүү, эргүү, кумарлануу, бакыт, тагдыр ж.б.у.с. тематикаларды кучагына алат.

5. Глобалдык маселелердин гуманизм тематикасына кириши глобализм, жалпы системология жана синергетика боюнча эмгектерде жалпы адамзаттык баалуулуктарды талкуулоо менен далилденет. Бул аспектиде синергетика – адамзатты жана ааламды камтыган татаал сызыктуу эмес, системалардын өз алдынча түзүлүшүнүн теориясы катары адамга жана дүйнөгө болгон жаңы көз карашты калыптандырууну камтыйт. Адам менен адамдын, коом менен табияттын ортосундагы мамилелердин жаңы түрүн жаратат.

6. Адамдын жашоосу табийгый-социалдык шарттардын бирдиктүү системасы менен аныкталат. Мында табийгый факторлор анын жашоосунун табийгый, зарыл негизин түзүшөт. Ал эми социалдык факторлор адамдын өнүгүүсүндө активдүү, кыймылдаткыч күч катары аракеттенет. Бул адамдын инсандык, жекелик өнүгүүсүнүн негизги шарты болгон ишмердүүлүктүн коомдук, тарыхый калыптанган формаларынын өнүгүшү болуп саналат. Демек, адам – бири-бири менен байланышкан жана шартталган, табияты боюнча ар түрдүү болгон муктаждыктар жана жөндөмдүүлүктөр системасына ээ биопсихосоциалдык жандык.

7. «Адамды өркүндөтүү» түшүнүгү кыйла актуалдуу жана так көз караштарга негизделген. Мындай парадигма чет өлкөлүк гана эмес, ата мекендик илимий чөйрөдө да кеңири талкууланып, биоэтиканын борбордук маселеси катары кызмат кылат. "Адамды өркүндөтүү" парадигмасы азыркы учурда постгуманисттик философиялык тенденциянын алкагында адамдык өнүгүүнүн алдыңкы парадигмасы болуп саналат. «Адамды өркүндөтүү» парадигмасы – бул аракеттин ыкмасы жана программасы.

8. Гуманизмдин этикалык аспектилери адамдын жан дүйнөсүнүн эволюциясынын максаттарын анын өркүндөшү жакшылык менен жамандыктын, адилеттүүлүк менен адилетсиздиктин, эркиндик менен кулчулуктун, бакыт менен бактысыздыктын, ырахаттын табиятын жакшыраак түшүнүүгө, аныктоого жардам берет. Адамдын акыл-эстүү жандык катары жашоосунун максаты – абсолюттуу жакшылыкка жетишүүсү, ал бардык максаттардын жана ушул максатты ишке ашыруу үчүн пайдалуу жакшы сапаттардын кошумча формаларынын натыйжасы болуп саналат.

**VI. Изденүүчүнүн жеке салымы.** Сунушталган негизги илимий жоболор менен тыянактар изденүүчүнүн жеке салымы болуп эсептелинет. Диссертациялык изилдөөнүн натыйжалары төмөнкү илимий иш аракеттер жана долбоорлор менен байланышат. Алар: -Ош МУнун Философия жана политология кафедрасынын “Философия жана социогуманитардык илимдерди изилдөөнүн концептуалдык-методологиялык негиздери” аттуу илимий тематикасынын алкагында илимий макалалар жарык көрүүдө; -КРнын эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин мамлекеттик социалдык буйрутмасына ылайык, “Чексиз мүмкүнчүлүктөр” долбоорунун алкагында “Повышение трудовой и общественной активности лиц с инвалидностью и пожилых граждан через развитие социальной предпринимательской деятельности, путём обучения основам бизнеса” аттуу 2023-2024-жылдар аралыгында өткөрүлүүчү иш-чараларга илимий-методологиялык жардам көрсөтүлүп жатат.

**VI. Диссертацияга ылайык келген адистик.** Диссертациялык изилдөөдө философиялык антропологиянын маңызы, бүтүндөй адам жөнүндөгү философиялык түшүнүктөрдүн жалпыланышы, бирдиктүү бир системасы менен конкреттүү-тарыхый гуманисттик парадигмалардын социожаратылыштык жана социомаданий табияты айкалыштырылып, гуманизмдин типологиясынын алкагындагы адам парадигмасынын трансгуманисттик долбоору жана этикалык доктринасы азыркы геосаясий алкакта такталган. Диссертациянын мазмуну 09.00.11 – “социалдык философия” адистигине ылайык келет.

**VII. Автордун илим изилдөөнүн жыйынтыгына айкын катышуусу жана иштин ишеничтүүлүгү.** Диссертациялык иш автор тарабынан өз алдынча аткарылган. Изилдөө – философиялык антропология алкагындагы гуманисттик парадигмалардын социожаратылыштык жана социомаданий табиятына арналган көп жылдык илимий изилдөөнүн натыйжасы болуп эсептелет. Илимий изилдөөдө илимий тастыкталган аргументтүү материалдардын негизинде социалдык философиялык контекстте философиялык антропологиянын маңызы, бүтүндөй адам жөнүндөгү философиялык түшүнүктөрдүн жалпыланышы, бирдиктүү бир системасы менен конкреттүү-тарыхый гуманисттик парадигмалардын социожаратылыштык жана социомаданий табияты айкалыштырылып, гуманизмдин типологиясынын алкагындагы адам парадигмасынын трансгуманисттик долбоору жана этикалык доктринасы азыркы геосаясий алкакта автор тарабынан ишенимдүү ачылып берилген. Жүргүзүлгөн изилдөө ишинин баалуулугун автор тарабынан сунушталган жоболордун практикада колдонуу мүмкүнчүлүктөрү тастыктайт. Диссертациялык иштин негизинде апробацияланган практикалык аракеттер, ишти талкуулоо учурунда айтылган компетенттүү илимпоздордун эмгекке карата берилген баалары бул проблеманын негизинде жүргүзүлгөн изилдөө ишинин ишеничтүүлүгүн ырастайт.

**VIII. Диссертациянын структурасы** жана көлөмү Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык

комиссиясы тарабынан коюлган “Окумуштуулук даражаларды ыйгаруунун тартиби жөнүндөгү жобонун” 9-пунктунун талаптарына толук жооп берет.

Ош мамлекеттик университетинин Философия жана политология кафедрасынын кеңейтилген жыйыны Акматов Өмүрзак Сарытайовичтин 09.00.11 – социалдык философия адистиги боюнча философия илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган ”Философиялык антропология алкагындагы гуманисттик парадигмалардын социожаратылыштык жана социомаданий табияты” аттуу докторлук диссертациялык иши боюнча билдирүүсүн, суроолорго берилген жоопторун жана жарыш сөзгө чыгып сүйлөгөндөрдүн пикирлерин угуп, талкуулап төмөнкүдөй чечим кабыл алды.

***Ч Е Ч И М:***

1. Акматов Өмүрзак Сарытайовичтин 09.00.11 – социалдык философия адистиги боюнча философия илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган ”Философиялык антропология алкагындагы гуманисттик парадигмалардын социожаратылыштык жана социомаданий табияты” аттуу докторлук диссертациялык иши боюнча корутундусу бекитилсин.
2. Акматов Өмүрзак Сарытайовичтин 09.00.11 – социалдык философия адистиги боюнча философия илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган ”Философиялык антропология алкагындагы гуманисттик парадигмалардын социожаратылыштык жана социомаданий табияты” аттуу докторлук диссертациялык иши КР УАКтын 9-пунктунун жобосуна толугу менен жооп берет деп эсептелсин жана коргоого сунуш кылынсын.

**Жыйындын төрагасы,**
**философия илимдеринин доктору,**
**профессор:** **Исаков К.А.**

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ

**Жыйындын катчысы,**
**философия илимдеринин кандидаты,**
**доцент:** **Юсупова Р. О.**

Ош МУ
Тастыктаймын
2024 ж. « 27 » 03
Кадрлар бөлүмүнүн башчысы Турдубаева Г.

# ЛИЧНЫЙ ЛИСТОК
## ПО УЧЕТУ КАДРОВ



КАДРЛАР БӨЛҮМҮ ОТДЕЛ КАДРОВ

1. Фамилия Асматов

имя Омурзак отчество Сарытаевич

2. Если изменили фамилию, имя или отчество, укажите,

когда и по какой причине ______

3. Пол муж 4. Число, м-ц, г.р. 07.01.1964

5. Место рождения с. Халпак-Таш Узгенского
(село, деревня, город, район, область)
района, Ошской обл.

6. Национальность кыргыз

7. Гражданство КР

8. В какой партии состоите ______

9. Образование высшее

| Название учебного заведения и его местонахождение | Факультет или отделение | Год поступления | Год окончания или ухода | Если не окончил, то с какого курса ушел | Какую специальность получил в результате окончания учебного заведения указать № диплома или удостоверения |
|---|---|---|---|---|---|
| Ошский Государствен. | муз. фак | 1983 | 1987 | | учитель музыки |
| педагогич. институт | | | | | Диплом № |
| | | | | | ЕВ № 119318 |
| | | | | | |
| | | | | | |
| | | | | | |
| | | | | | |

10. Знание гос.языка: владею свободно, могу объясниться, не владею (нужное подчеркнуть)

11. Какими иностр. языками владеете русским
(читаете и переводите со словарем, читаете и можете объясниться, владеете свободно)

12. Ученая степень, ученое звание кандидат философских наук, доцент

13. Какие имеете научные труды и изобретения —

14. Повышение квалификации

| Месяц, год | | Вид повышения квалификации | Место повышения квалификации (в т.ч. за рубежом) | Свидетельство, удостоверение |
|---|---|---|---|---|
| начала | окончания | | | |
| | | | | |
| | | | | |
| | | | | |
| | | | | |

15. Выполняемая работа с начала трудовой деятельности (включая учебу в высших и средних специальных учебных заведениях, военную службу, и работу по совместительству)

| Месяц и год | | Наименование учреждения, организации, предприятия, а так же министерства (ведомства), его местонахождение | Занимаемая должность |
|---|---|---|---|
| вступ-ления | ухода | | |
| 1 | 2 | 3 | 4 |
| 1.07 | 1981 | Зачислен рабочим в отдел. 2. совхоз „Жалпак-Таш" | рабочий |
| 1.12. | 1982 | Освобожден от занимаем. долж. в связи с поступлением в ОГПИ | |
| 25.11. | 1982 | Зачислен слушателем п/о | |
| 03.08 | 1983 | Зачислен на 1 курс муз. фак. | |
| 07.07. | 1987 | Полностью окончил институт | |
| 17.08. | 1987 | Назначить на должность учителя музыки в сш №38 | учитель |
| 15.08. | 1988 | Освобожден от занимаемой долж. | |
| 26.08. | 1988 | Принят преподавателем кафедры муз. исп. дисципл. ОГПИ | преподаватель |
| 02.09. | 1996 | Переведен препод. каф. философии | преп. |
| 19.05. | 2003 | Социалдык иштер кафед. башчысы | кафедра башчысы |
| 17.03. | 2021 | Эл аралык мамилелер фак. баз. ачылган „Вектор" тил ж/а маданият борборунун жетекчиси | |
| 01.09. | 2022 | Ош МУнун Окумуштуулар кеңешинин чечими менен Эл аралык юридика факультетинин соц. иштер кафедрасынын доценти | |
| 04.05 | 2023 | Эл аралык мамилелер фак. философия ж/а политол. каф. искусство фак. философия ж/а политол. каф. доцент кызматына которулсун | |

ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

15а. Работа по совместительству

| 1 | 2 | 3 | 4 |
|---|---|---|---|
| | | | |
| | | | |
| | | | |
| | | | |
| | | | |
| | | | |
| | | | |
| | | | |
| | | | |
| | | | |

16. Стаж работы: непрерывный ______ лет, общий ______ лет, в т.ч.: по специальности лет, на государственной службе ______ лет, в частных структурах ________ лет

17. Пребывание за границей (работа, служебная командировка, поездка с делегацией)

| Месяц и год | | В какой стране | Цель пребывания за границей |
|---|---|---|---|
| с какого времени | по какое время | | |
| | | | |
| | | | |
| | | | |
| | | | |
| | | | |
| | | | |
| | | | |
| | | | |
| | | | |
| | | | |

18. Участие в международных, межреспубликанских, республиканских, краевых, областных, окружных, городских, районных государственных и других выборных органах

| Местонахождение выборного органа | Название выборного органа | В качестве кого избран | Год | |
|---|---|---|---|---|
| | | | избрания | выбытия |
| | | | | |
| | | | | |
| | | | | |
| | | | | |
| | | | | |
| | | | | |
| | | | | |
| | | | | |

19. Какие имеете государственные награды ____________________
(когда и чем награждены)

20. Имеете ли дипломатический ранг, классный чин или иные специальные звания ____
—

21. Отношение к воинской обязанности: воинское звание, ____________ годность к военской службе *негоден к военной службе*, военно-учетная специальность ____________, наименование военкомата по месту жительства

22. Семейное положение с момент заполнения личного листа *женат*
(женат, замужем, холост, незамужем, вдовец, вдова)

Ваши ближайшие родственники: жена, муж, отец, мать, братья, сестры и дети

| Степень родства | Фамилия, имя, отчество | Дата и место рождения | Место работы и должность | Место жительства |
|---|---|---|---|---|
| жена | Жутанова Гулшира | 17.06.1967 | ОшГУ | г. Ош |
| дочь | Асматова Канышкей | 06.04.1987 | не работает | г. Бишкек |
| сын | Сарыбаиев Камчыбек | 16.07.1988 | Рук. фонд разв. г. Ош | г. Ош |
| | | | | |
| сын | Сарыбаиев Актанбек | 17.04.1991 | | г. Бишкек |
| дочь | Сарыбаиева Кункыз | 08.10.1994 | м/декр. | г. Бишкек |
| | | | | |
| | | | | |

23. Паспорт: серия *ID* № *0979190* Кем выдан и дата выдачи *МКК 212011, 07.12.2018*

24. Домашний адрес: *г. Ош ул. Мусаева-109*

Телефон: д. *0557 067799*
сл.

«*29*» *02* 20*24* г. Личная подпись

Работник, заполняющий личный листок, обязан о всех последующих изменениях (образовании, присвоении ученой степени, ученого звания, воинского звания, партийности и т.п.) сообщать по месту работы, в сектор кадров для внесения этих изменений в его личное дело.

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ

Ош МУ
Тастыктаймын
20*24* ж. «*29*» *02*
Кадрлар бөлүмүнүн
Турдубаева Г.